USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

"КЫРГЫЗ ЭКСПОРТ"
БОРБОРУ

Кыргызстан

# Экспорттоо боюнча өлкөлүк жол көрсөткүч

Бириккен
Араб
Эмираттары

2023

**"Кыргыз Экспорт" экспортту өнүктүрүү жана илгерилетүү борбору жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу "Кыргыз Экспорт" экспортту өнүктүрүү жана илгерилетүү борбору 2023-жылдын сентябрь айында түзүлүп, 2024-жылдын февраль айында өз ишин баштаган. Борбор Кыргыз Республикасынын экспорттук потенциалын стимулдаштыруу боюнча чараларды иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышуу, экспорттоону илгерилетүү бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын эл аралык жана региондор аралык тышкы экономикалык байланыштарын өнүктүрүү, экспортту илгерилетүү жолу менен Кыргыз Республикасынын экономикасын диверсификациялоого көмөктөшүү жана экспортту өнүктүрүү жана илгерилетүү менен байланышкан маселелер боюнча мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан баштап эл аралык уюмдардын, бизнес-коомчулуктардын координацияланышын жана өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылуу милдеттерин өзүнө алды.

---

**USAID Борбордук Азиядагы соода боюнча программасы жөнүндө**

USAID Борбордук Азиядагы соода боюнча программасы бажылык жана жеке контроль жол-жоболорун шайкеш келтирүү, соода жана инвестициялар маселелеринде мамлекеттик жана жеке секторлордун ортосундагы өнөктөштүктү бекемдөө, коммерциялык ишканалардын ортосунда трансчек аралык өз ара аракеттенүүнү бекемдөө, ошондой эле соода чөйрөсүндөгү гендердик маселелерди чечүү жолу менен Борбордук Азияда экономикалык өсүүгө жана экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүүгө көмөк көрсөтүү үчүн региондогу соода чөйрөсүндө өз ара аракеттенүүнү жакшыртууга багытталган. USAID Борбордук Азиядагы соода боюнча программасынын алкагында соода чөйрөсүндө аялдардын мүмкүнчүлүктөрүнө жолто болгон учурдагы саясаттарды жана практикаларды кайра карап чыгуу жана ошондой аялдарга кыйынчылыктарды жеңүүдө көмөк көрсөтүү боюнча чараларды иштеп чыгуу жолу менен соода жана коммерция чөйрөсүндөгү ишкер-аялдарга колдоо көрсөтүлөт.

**Дисклеймер**

Ушул басылма № 720-115-21-C-0002 контракттын шарттарына ылайык АКШнын Эл аралык өнүгүү боюнча агенттигинин Борбордук Азиядагы офисинин, Азия боюнча бюросунун жардамы менен мүмкүн болду. Ушул жерде айтылган пикирлер автордун(-лордун) пикирлерин билдирип, сөзсүз эле АКШнын Эл аралык өнүгүү боюнча агенттигинин позициясын чагылдырбайт.

## МАЗМУНУ

КЫСКАЧА МАЗМУНУ ... 7
КИРИШ СӨЗ ... 8
1-БӨЛҮМ: ӨЛКӨ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ ... 9
**ӨЛКӨ ЖӨНҮНДӨ ФАКТТАР ... 9**
**САЯСИЙ ЖАГДАЙДЫН СЕРЕБИ ... 9**
**СОЦИАЛДЫК-ДЕМОГРАФИЯЛЫК ЖАГДАЙДЫН СЕРЕБИ ... 10**
**ТЕХНОЛОГИЯЛЫК ТЕНДЕНЦИЯЛАР ... 13**
**ЛОГИСТИКАНЫН СЕРЕБИ ... 14**
**ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАГДАЙДЫН СЕРЕБИ ... 16**
2-БӨЛҮМ: ИМПОРТТУ ТЫШКЫ СООДАЛЫК ЖӨНГӨ САЛУУ ... 22
**БАЭ СООДА РЕЖИМИНИН СЫПАТТАМАСЫ ... 22**
**ИМПОРТТУ БАЖЫЛЫК ЖӨНГӨ САЛУУ ЖАНА САЛЫК САЛУУ ... 24**
**ЖӨНГӨ САЛУУНУН ТАРИФТИК ЭМЕС ЧАРАЛАРЫ ... 25**
3-БӨЛҮМ: НЕГИЗГИ ЭКСПОРТТУК СЕКТОРЛОРДУ ТАЛДОО ... 29
**КЫРГЫЗСТАНДАН ЭМИРАТТАРГА ЭКПОРТТООНУН ПОТЕНЦИАЛДУУ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ .. 30**
**ЭТ РЫНОГУН ТАЛДОО ... 33**
**БАЛЫК ПРОДУКЦИЯСЫНЫН РЫНОГУН ТАЛДОО ... 35**
**СҮТ РЫНОГУН ТАЛДОО ... 36**
**БАЛ РЫНОГУН ТАЛДОО ... 40**
**ЖАШЫЛЧА-ЖЕМИШ РЫНОГУН ТАЛДОО ... 42**
**ДАЯР ТАМАК-АШ ПРОДУКЦИЯСЫНЫН РЫНОГУН ТАЛДОО ... 49**
**КИЙИМ РЫНОГУН ТАЛДОО ... 55**
4-БӨЛҮМ: ИШКЕРЛИК КЫЗМАТТАШТЫК ЛАНДШАФТЫНЫН СЕРЕБИ ... 59
**КЫЗМАТТАШУУНУН ӨКМӨТ АРАЛЫК ПЛАТФОРМАЛАРЫ ... 60**
**НЕГИЗГИ СООДА КӨРГӨЗМӨЛӨРҮНҮН ЖАНА B2B АЯНТЧАЛАРЫНЫН ТИЗМЕСИ ... 60**
**МАМЛЕКЕТТИК УЮМДАРДЫН ЖАНА БИЗНЕС-АССОЦИАЦИЯЛАРДЫН ТИЗМЕСИ ... 61**

Таблицалардын тизмеси

1-таблица. Аймак боюнча бөлүштүрүүдө БАЭнин туристтери ... 12
2-таблица. КРнын жана БАЭнин ортосундагы үзгүлтүксүз авиакаттамдардын тизмеси ... 15
3-таблица. БАЭнин экспорттук тармактарынын ТОП-10 ... 21
4-таблица. БАЭнин импорттук тармактарынын ТОП-10 ... 22
5-таблица. БАЭнин соода макулдашуулары ... 23
6-таблица. КРнын тышкы соода жүгүртүүсү, млн. АКШ долл. ... 30
7-таблица. БАЭге экспорттоо үчүн потенциалдуу товардык позициялардын талдоосу ... 30
8-таблица. 2022-жылы өлкөлөр жана товардык позициялар боюнча БАЭнин эт импорту ... 34
9-таблица. 2022-жылы өлкөлөр жана товардык позициялар боюнча БАЭнин балык импорту ... 36
10-таблица. 2022-жылы өлкөлөр жана товардык субпозициялар боюнча БАЭнин эжигей импорту ... 39
11-таблица. 2022-жылы өлкөлөр боюнча БАЭнин ак май импорту ... 41
12-таблица. 2022-жылы өлкөлөр боюнча БАЭнин бал импорту ... 43
13-таблица. 2022-жылы өлкөлөр жана товардык субпозициялар боюнча БАЭнин буурчак өсүмдүктөрүнүн импорту ... 43
14-таблица. 2022-жылы өлкөлөр боюнча БАЭнин картөшкө импорту ... 45
15-таблица. 2022-жылы өлкөлөр боюнча БАЭнин жашылчалар импорту ... 50
16-таблица. 2022-жылы өлкөлөр боюнча жемиштер импорту ... 51
17-таблица. 2022-жылы өлкөлөр боюнча БАЭнин наабайкана продукция импорту ... 50
18-таблица. 2022-жылы өлкөлөр боюнча БАЭнин ширелер импорту ... 53
19-таблица. 2022-жылы өлкөлөр боюнча БАЭнин бөтөлкөгө куюштурулган суу импорту ... 58
20-таблица. Аялдар кийиминин рыногундагы лидерлер ... 61
21-таблица. Эркектер кийиминин рыногундагы лидерлер ... 62
22-таблица. 2022-жылдагы БАЭнин кийим импорту (61 жана 62-товардык топтор) ... 58
23-таблица. БАЭдеги көргөзмөлөрдүн тизмеги ... 60
24-таблица. БАЭнин мамлекеттик жана башка уюмдарынын байланыш маалыматтары ... 67

## Сүрөттөрдүн тизмеси

1-сүрөт. БАЭнин калкынын динамикасы жана 2050-жылга чейинки болжолу, млн. адам.................... 11
2-сүрөт. БАЭнин калкын жынысы жана курагы боюнча бөлүштүрүү (2019-ж.)...................................... 11
3-сүрөт. БАЭнин жумушчу күчүнүн статистикасы (15 жаштан жогору), миң адам. ................................ 12
4-сүрөт. БАЭнин калкынын улуттук курамы (2023), млн адам ................................................................ 13
5-сүрөт.БАЭде жана дүйнөнүн аймактарында санариптик каналдардын колдонулушун салыштыруу 13
6-сүрөт. Секторлор боюнча БАЭнин санариптештирүү деңгээли ......................................................... 14
7-сүрөт. 2023-жылы Логистиканын натыйжалуулугу индексиндеги БАЭнин көрсөткүчтөрү.................. 15
8-сүрөт. Учурдагы баалар боюнча БАЭнин ИДПсы, млрд. АКШ долл. .................................................. 16
9-сүрөт. 2021-жылдагы экономиканын тармактары боюнча ИДП (учурдагы баалар боюнча, БАЭ дирхамы) ............................................................................................................................................ 17
10-сүрөт. 2012-2021-жылдар аралыгындагы БАЭнин инфляциясы жана анын 2028-жылга чейинки болжолу. ............................................................................................................................................ 18
11-сүрөт. DXY индексинин акыркы 5 жыл ичиндеги динамикасы. ........................................................ 19
12-сүрөт. EIBOR банктар аралык пайыздык чендин динамикасы (5 жыл)............................................. 20
13-сүрөт. 2013-2022-жылдардагы БАЭнин тышкы соода жүгүртүүсүнүн көрсөткүчтөрү. ...................... 20
14-сүрөт. 2022-жылдагы БАЭнин соода өнөктөштөрүнүн Топ-10 . .......................................................... 21
15-сүрөт. Эт сатуунун динамикасы жана болжолу, миң тонна................................................................ 33
16-сүрөт. БАЭде «Койдун эти жана эчкинин эти» сатуу каналдары, миң тонна .................................. 33
17-сүрөт. БАЭде балык жана деңиз азыктарын сатуунун динамикасы жана болжолу.......................... 36
18-сүрөт. БАЭде «Балык» сатуу каналдары, миң тонна........................................................................... 35
19-сүрөт. БАЭде эжигей сатуунун динамикасы жана болжолу ................................................................ 37
20-сүрөт. БАЭде «Эжигейлер» сатуу каналдары, миң тонна ................................................................... 37
21-сүрөт. БАЭде ак май сатуунун динамикасы жана болжолу.................................................................. 40
22-сүрөт. БАЭде «Ак май» сатуу каналдары, миң тонна .......................................................................... 41
23-сүрөт. БАЭде таттуу спреддерди сатуунун динамикасы жана болжолу ........................................... 42
24-сүрөт. БАЭде бал сатуу каналдары, миң тонна ..................................................................................... 43
25-сүрөт. БАЭде буурчак өсүмдүктөрүн сатуунун динамикасы жана болжолу .................................... 44
26-сүрөт. БАЭде «Буурчак өсүмдүктөрү» сатуу каналдары, миң тонна.................................................. 45
27-сүрөт. БАЭде картөшкө сатуунун динамикасы жана болжолу ............................................................ 47
28-сүрөт. БАЭде жаңы картөшкө сатуунун каналдары, миң тонна ........................................................ 45
29-сүрөт. БАЭде жемиш сатуунун динамикасы жана болжолу ................................................................ 49
30-сүрөт. БАЭде жашылча сатуунун динамикасы жана болжолу............................................................. 49
31-сүрөт. БАЭде жемиш сатуунун каналдары, миң тонна......................................................................... 49
32-сүрөт. БАЭде жашылча сатуунун каналдары, миң тонна...................................................................... 50
33-сүрөт. БАЭде наабайкана продукция сатуунун динамикасы жана болжолу .................................... 53
34-сүрөт. БАЭде наабайкана продукция продукциясын сатуунун каналдары, миң тонна ................... 53
35-сүрөт. БАЭде алкоголсуз ичимдиктерди сатуунун динамикасы жана болжолу ............................... 54
36-сүрөт. БАЭде алкоголсуз ичимдиктерди сатуунун каналдары, млн. литр ........................................ 55
37-сүрөт. БАЭде шире сатуунун динамикасы жана болжолу..................................................................... 55
38-сүрөт. БАЭде шире сатуунун каналдары, миң тонна............................................................................. 56
39-сүрөт. БАЭде бөтөлкөгө куюштурулган суу боюнча динамика жана болжол .................................. 57
40-сүрөт. БАЭде бөтөлкөгө куюштурулган суу сатуунун каналдары, миң тонна.................................. 58
41-сүрөт. БАЭдеги сатып алуучулардын модага жумшаган чыгымдары ................................................ 60
42-сүрөт. Аялдар, эркектер жана балдар кийимдерин сатуунун динамикасы жана болжолу............... 60
43-сүрөт. БАЭде аялдар кийимин сатуу түзүмү, млн. дирхам ................................................................ 61
44-сүрөт. БАЭде эркектер кийимин сатуу түзүмү, млн. дирхам .............................................................. 62

## Аббревиатура

| | |
|---|---|
| ИДП | Ички дүң продукт |
| ДСУ | Дүйнөлүк соода уюму |
| АКШ долл. | АКШ доллары |
| ЕАЭБ | Евразия экономикалык биримдиги |
| КР | Кыргыз Республикасы |
| ЭВФ | Эл аралык валюталык фонд |
| млн | миллион |
| млрд | миллиард |
| Улутстатком | КРнын Улуттук статистикалык комитети |
| КНС | кошумча нарк салыгы |
| БАЭ | Бириккен Араб Эмираттары |
| БУУ | Бириккен улуттар уюму |
| ЭКӨУ | Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюму |
| СЖП | сатып алуу жөндөмдүүлүгү паритети |
| АКШ | Америка Кошмо Штаттары |
| ТЭИ ТН | тышкы экономикалык иштин товардык номенклатурасы |
| миң | миң |
| ФАО | БУУнун Тамак-аш азыктары жана айыл чарба уюму |
| ФРТ | АКШнын Федералдык резервдик тутуму |
| B2B | англисчеден business-to-business - бизнес үчүн бизнес |
| COVID-19 | Коронавирус инфекциясы (COVID-19) |
| DXY | АКШ долларынын индекси, АКШ долларынын наркынын башка валюталарга салыштырмалуу көрсөткүчү |
| EFTA | Европа эркин соода ассоциациясы |
| GCC | Перс булуңунун араб өлкөлөрүнүн кеңеши (Gulf Cooperation Council) |
| GSO | GCC өлкөлөрүн стандартташтыруу боюнча уюмдар |
| UAE | Бириккен Араб Эмираттары (United Arab Emirates) |
| USAID | АКШнын Эл аралык өнүгүү боюнча агенттиги |

# КЫСКАЧА МАЗМУНУ

USAID Борбордук Азиядагы соода боюнча программасы (2021–2026) Борбордук Азияда экономикалык өсүүгө жана экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүүгө көмөк көрсөтүү үчүн аймакта соода чөйрөсүндөгү өз ара аракеттенүүнү жакшыртууга багытталган.

Ушул басылма USAID Борбордук Азиядагы соода боюнча программасынын жана Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу «Кыргыз Экспорт» экспортту өнүктүрүү жана илгерилетүү борборунун ортосуда БАЭ, Катар, Сауд Аравиясы, Япония, Корея, Германия сыяктуу артыкчылыктуу рыноктор боюнча өлкөлүк жол көрсөткүчтөрдү түзүүдө көмөк көрсөтүү боюнча кызматташтыкты билдирет.

## Бириккен Араб Эмираттары боюнча өлкөлүк жол көрсөткүч жөнүндө

Бириккен Араб Эмираттарыне (БАЭ) экспорттоо боюнча Сиздин толук жол көрсөткүчүңүзгө кош келиңиз. Ушул чакан ресурста биз Сизге БАЭнин экпорттук рыногунда ийгиликтүү багыттоого жардам берүү үчүн зарыл идеяларды жана практикалык кеңештерди тартуулайбыз.

БАЭ, өзүнүн инновациялары жана ыкчам өнүгүүсү менен белгилүү өркүндөп-өрчүп жаткан ишкерлик багыт катары Сиздер сыяктуу экспорттоочулар үчүн көптөгөн мүмкүнчүлүктөрдү сунуш кылат. БАЭ жакшыланган инфратүзүмү жана ар түрдүү экономикасы менен дүйнөлүк соода жана инвестиция борборуна айланган.

Ушул жол көрсөткүчтө биз рыноктун тенденцияларын, жөнгө салуучу ченемдерди жана тармактык мүмкүнчүлүктөрдү кошуп, БАЭнин экспорттук рыногунун негизги аспекттерин изилдейбиз.

Көптөгөн мүмкүнчүлүктөргө карабастан, потенциалдуу тобокелдиктерди жана кыйынчылыктарды билүү маанилүү. Биз аларга көңүл буруп, жөнгө салуучу талаптар жана маданий өзгөчөлүктөр боюнча навигация боюнча колдонмону тартуулайбыз.

Ушул жол көрсөткүч БАЭнин экспорттук рыногунда компанияңыздын ийгилиги жана анын потенциалын ачуу үчүн Сизди зарыл билимдер жана инструменттер менен жабдып, сиздин ишеничтүү шеригиңиз катары кызмат кылат.

Өлкөлүк жол көрсөткүч өзүнө БАЭ жөнүндө жалпы маалыматты, тышкы соода ишинин талдоосун камтыган экономикасынын серебин, өлкөнүн тышкы да, ички да экономикалык конъюнтурасындагы мүмкүн болуучу тобокелдиктер жана өзгөртүүлөрдүн кесепеттери жөнүндө маалыматты чагылдыруу менен потенциалдуу рыноктордун болжолдуу серебин камтыйт. Мындан тышкары, жол көрсөткүч кыргыз продукциясын экспортто үчүн потенциалдуу мүмкүнчүлүктөр, продукцияны потенциалдуу сатуу өлкөсүндө импорттук операцияларды мамлекеттик жөнгө салуу, өлкөдөгү макроэкономикалык жөнгө салуу, логистика, өлкөгө баруу эрежелери, ошондой эле потенциалдуу көргөзмө платформалары жөнүндө толук маалыматты ачып берет.

## КИРИШ СӨЗ

Ушул жол көрсөткүч Бириккен Араб Эмираттарынин рыногунда өзүнүн экспорттук мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө кызыкдар Кыргызстандын ишкерлерине жана экспорттоочуларына арналган.

БАЭ Жакынкы Чыгыш аймагында эң эле тез өнүгүп жаткан экономикалардын бири болуп саналат жана ар кандай товарларды экспорттоо үчүн көптөгөн потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрдү сунуш кылат.

Рынокко кирүүнү пландаштырууда экспорттоочулар үчүн **1-бөлүмдө** бериле турган өлкөдөгү жалпы жагдайды изилдөө зарыл. Бул жакта Сиздер саясий жагдай, социалдык-демографиялык өнүгүү, технологиялык тенденциялар жана логистиканын сереби менен тааныша аласыздар. 1-бөлүмдүн аягында экономиканын өсүшүнүн, инфляциянын, улуттук валюта курсунун жана тышкы соода көрсөткүчтөрүн кошуп, Эмираттардагы экономикалык жагдайдын толук сереби берилген.

**2-бөлүмдө** биз Сиздер үчүн соода режиминин, ошондой эле тамак-аш продукциясынын мисалында тарифтик жана тарифтик эмес жөнгө салуунун толугураак серебин даярдадык. Ушул бөлүмдө Сиздер үчүн негизги жөнгө салуучу механизмдердин кыскача мазмундары, ошондой эле импортту жөнгө салган мамлекеттик органдардын сайттарына жана порталдарына шилтемелер берилген.

Баардык өндүрүүчүлөр жана экспорттоочулар үчүн биз Эмираттардын рыногунун маанилүү секторлорун талдап чыктык. Ушул маалымат **3-бөлүмдө** берилген, анда Сиздер рыноктордун өлчөмдөрүн, алардын өзгөчөлүктөрүн, трендерин жана Кыргызстандан экспорттоо үчүн потенциалын изилдей аласыздар. Бул жерде биз Сиздерге БАЭ рыногунун учурдагы абалынын акыркы статистикалык маалыматтарга жана маркетингдик аналитикага негизделген терең талдоосун сунуштайбыз. Сиздер БАЭнин маанилүү секторлору, жергиликтүү калктын керектөөчү артыкчылыктары жөнүндө биле аласыздар.

**4-бөлүмдө** биз Сиздер үчүн БАЭде өнөктөштөр менен кызматташтыкты түзүү үчүн зарыл каналдар жөнүндө пайдалуу маалыматты даярдадык. Ошондой эле ушул жерде маанилүү мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдар, тактап айтканда ар бир эмираттын деңгээлиндеги экспорттоону пландаштырууда жана жүзөгө ашырууда маанилүү болгон соода палаталары жөнүндө маалыматтар да чогултулган. Экспорттук сатуулардын практикасына ылайык Кыргызстан экспортунун артыкчылыктуу секторлору үчүн маанилүү боло турган учурдагы соода-көргөзмө иш-чаралары жөнүндө билүү да экспорттоочулар үчүн зарыл, жана ушул маалыматты Сиздер бул бөлүмдө таба аласыздар.

Жол көрсөткүч окурмандардын ыңгайлуулугу үчүн түзүмдөштүрүлгөн жана иштелип чыккан. Мындан тышкары, анда чоң көлөмдүү статистикалык маалымдарды жалпылаган жана изилденип жаткан рыноктогу трендерди көрүүгө мүмкүндүк берген көптөгөн инфографика берилген. Ошондой эле Жол көрсөткүчтүн баардык жүрүшүндө биз Сиздер үчүн экспорттук ишти пландаштырууда маанилүү болгон киргизүүлөрдү даярдадык, жана Сиздер аларды изилдеп, эсиңиздерге тутуп алышыңыздар керек.

Биздин максат – Сиздерге экспорттук ишиңиздерде негизделген чечимдерди кабыл алууга жардам бере турган баалуу маалыматты жана аналитиканы тартуулоо. Биз ушул Жол көрсөткүч Сиздер үчүн пайдалуу инструмент боло алып, Сиздерге БАЭде экспортту ийгиликтүү баштоого жана көбөйтүүгө жардам берет деп ишенебиз.

# 1-БӨЛҮМ: ӨЛКӨ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Ушул бөлүмдө экспорттоочулар үчүн бизнес-чечимдерди кабыл алуу үчүн максаттуу рыноктогу чөйрөнүн шарттарын түшүнүүгө жардам берген жана максаттуу рынокто экспорттук ишти пландаштыруу үчүн маанилүү саясий, социалдык-демографиялык, технологиялык жана экономикалык факторлорду көрсөткөн маалымат берилген.

## ӨЛКӨ ЖӨНҮНДӨ ФАКТТАР

Бириккен Араб Эмираттары (аббр. – БАЭ) ар бири абсолюттук монархия-мамлекетин билдирген 7 эмираттан турган Жакынкы Чыгыштагы федеративдик мамлекет болуп саналат.

Административдик бөлүнүшү. БАЭ жети эмираттан турат: Абу-Даби, Аджман, Дубай, Рас-аль-Хайма, Умм-эль-Кайвайн, Фуджейра жана Шарджа. Ар бир эмиратта мыйзам чыгаруу жана аткаруу органдары бар.

Борбору – Абу-Даби шаары.

БАЭ Азиянын түштүк-батыш бөлүгүндө, Араб жарым аралынын чыгыш бөлүгүндө жайгашкан. Батышта жана түштүктө Сауд Арабиясы менен, түштүк-чыгышта жана түндүк-чыгышта Оман менен чектешет.

БАЭнин аймагы Персия булуңундагы бир нече аралдарды кошуп, болжол менен кургак жердин 71 023,6 чарчы км, ошондой эле аймактык суулардын 27 624,9 чарчы км түзөт. Өлкөнүн баардык кургак жеринин 84% Абу-Дабиде.[1]

Калктын саны — 9,991 млн. адам[2] (2021-жыл), анын ичинен 88%га жакыны басымдуу көпчүлүгү Түштүк жана Түштүк-Чыгыш Азиядан болгон жумушчу мигранттар.

Мамлекеттик дини – ислам. Жергиликтүү калк негизинен суннит-мусулмандардан турат.

Расмий тили – араб тили.

КРнын жана БАЭнин ортосундагы дипломатиялык мамилелер 1996-жылдын 1-августунда белгиленген. 1999-жылдын январында Дубай шаарында КРнын Башкы консулдугу түзүлгөн.

2013-жылдын 24-апрелинде Бишкек шаарында Мохаммед Хареб Аль Мехайриби БАЭнин КРдагы Атайын Ыйгарым укуктуу Элчиси (Ташкент шаарындагы резиденциясы менен) болуп аккретиттелген.

Өлкөнүн телефон коду - +971.

Улуттук валютасы - БАЭ дирхамы (аббр. AED – англ. *the Arab Emirati Dirham*).

## САЯСИЙ ЖАГДАЙДЫН СЕРЕБИ

БАЭ – федеративдик мамлекет. Федерацияга кирген Эмираттардын ар бири монархияны билдирет жана олуттуу көз карандысыздыгын сактап турат. 1971-жылы кабыл алынган Конституцияга ылайык жогорку бийлик органы болуп жети эмираттын башкаруучуларынан турган Жогорку кеңеш саналат. Ал өзүнүн курамынан Президентти беш жылдык мөөнөткө шайлайт.

Шейх Мухаммад бин Заид Аль-Нахайян БАЭнин учурдагы президенти болуп саналат. Ал бул кызмат ордун 2022-жылдын 14-майында ээлеген. Ошондой эле ал Абу-Дабинин да башкаруучусу болуп саналат.

[1] БАЭ Өкмөтүнүн расмий сайты. https://u.ae/en/about-the-uae/fact-sheet

[2] БУУнун маалыматтар. https://data.un.org/en/iso/ae.html

2006-жылдын 5-январынан тартып БАЭнин Өкмөтүн Дубайдын башкаруучусу шейх Мухаммад бин Рашид Аль-Мактум жетектейт, ал БАЭнин Вице-президентинин да кызмат ордун ээлейт.

БАЭнин парламенти болуп Федералдык улуттук кеңеш саналат, анын спикери доктор Амаль Абдалла Аль-Кубейси болуп, ошону менен араб дүйнөсүндө парламенттик органды биринчи жолу аял башкарган.

Саясий тутум Конституцияга негизделген, анда өлкөнүн саясий жана конституциялык түзүлүшүнүн негизги эрежелери түшүндүрүлөт. Конституция федерация түзүүнүн негизги максатын жана анын жергиликтүү жана аймактык деңгээлдеги милдеттерин көрсөтүп турат. Ал БАЭнин баардык жарандарына тең укуктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү, коопсуздукту жана социалдык адилеттүүлүктү кепилдейт.

2006-жылы Федералдык улуттук кеңешке (мындан ары – ФУК) болгон шайлоолор жана шайлоочулардын коллегиясын түзүү БАЭнин саясий тутумунда коомчулуктун катышуусун кеңейтүүгө багытталган өзгөчөлүү кадамдар болду.

БАЭгы саясий жагдай бийликтин туруктуулугу жана аны өткөрүп берүүнүн бир калыптуулугу менен мүнөздөлөт. 2022-жылы шейх Халиф бин Зайеда Аль-Нахьян өлгөндөн кийин президенттин кызмат ордуна Абу-Дабинин мураскер ханзаадасы Шейх Мохаммед бин Зайед Аль-Нахьян келген. Шейх Мохаммеддин БАЭнин күнүмдүк иштерине буга чейин эле олуттуу таасири болгон, ошондуктан анын президенттин кызмат ордуна киришүүсү бир калыпта өткөн. Ал чечимдерди кабыл алуу процессин контролдоп турат жана башкарып жаткан үй-бүлөнүн кеңири колдоосуна ээ. БАЭнин жети эмиратынан башкаруучулары курамына кирген Жогорку Кеңештин башчысы катары Шейх Мохаммед өлкөнүн өнүгүү багытын аныктайт.

Абу-Даби өзүнүн кеңири энергетикалык ресурстарынын аркасынан федералдык өкмөттүн дайындалышына олуттуу таасирин тийгизет. Бирок Абу-Дабинин таасирине карабастан, борбор, 2009-жылдагы карыздык кризистен кийин да, Дубайдын экономикалык иштерине иш жүзүндө кийлигишкен эмес.

2011-жылдагы «араб жазынын» учурунда БАЭде көбүрөөк саясий плюрализм жөнүндө талаптар угулгандыгы менен, өкмөт оппоненттерине катаал жооп берген. Ошентип, жергиликтүү калктын арасында азыркы жагдайга карама-каршы турууга иш-жүзүндө каалоо жок. Өкмөт аймакта ар кандай исламисттик уюмдардын таасирин кыраакылык менен көзөмөлдөөнү улантууда. Жалпысынан, калктын көпчүлүгү өкмөт тарабынан бакубаттуулукту бөлүштүрүү программасына, жана БАЭнин жарандарына Эмираттардын жетекчилери менен жеке жолугушууга мүмкүндүк берген тутумга ыраазы көрүнөт.

БАЭде парламент сыяктуу консультативдик орган болуп саналган ФУКке шайлоолор өтүп жатат. ФУК мыйзамдарды карайт, бирок кеңештерди гана сунуштай алат. Убакыт өткөн сайын шайлоочулардын саны көбөйгөн, бирок шайлоочулардын катышуусу салыштырмалуу төмөн бойдон калып келген. ФУКке аялдарды киргизүү боюнча аракеттер кылынып келет, жана өкмөттүн жарлыгына ылайык келечекте орундардын 50%ы аялдарга бөлүнүп берилиши керек. Жалпысынан, «*Economist Intelligence Unit*» аналитикалык агенттиктин баалоосуна ылайык,[3] БАЭдегы саясий кырдаал туруктуу деп болжолдонот, жана жакынкы келечекте олуттуу өзгөрүүлөр күтүлбөйт.

## СОЦИАЛДЫК-ДЕМОГРАФИЯЛЫК ЖАГДАЙДЫН СЕРЕБИ


2021-жылдын жыйынтыктары боюнча БАЭнин калкы 9 557 867 адамды түзгөн. Акыркы 10 жылдын ичинде калктын саны 8,1%га өскөн. БУУнун болжолуна ылайык, узак мөөнөттүү

[3] *Economist Intelligence Unit* – «The Economist» маалыматтык агенттигинин аналитикалык бөлүмү.

келечекте калктын өсүшү 0,6%–0,8% деңгээлинде болуп, 2050-жылга чейин 11,5 млн. адамга чейин жетет.

БАЭде калктын жыштыгы бир чарчы километрге 131 адамды түзөт, жана 2050-жылга чейин анын бир чарчы километрге 160 адамга чейин көбөйөөрү күтүлүүдө. Ошол эле учурда дүйнө боюнча орточо маани 60 адамды түзөт.

**1-сүрөт. БАЭнин калкынын динамикасы жана 2050-жылга чейинки болжолу, млн. адам**





*Булак: БУУнун калк боюнча бөлүмү*

БАЭнин калкынын 85% 15–54 жашты[4] түзөт жана 2021-жылы тургундардын орточо курагы 32,8 жашты тузгөн, бул дүйнөлүк орточо 30 жаш көрсөткүчүнөн бир аз жогорураак. Бирок 2050-жылга чейин орточо курак болжол менен дүйнөлүк орточо 35,9 жаштын деңгээлинде болуп, 35,6 жашты түзөөрү күтүлүүдө. Бул калктын улгайып бартканын көрсөтөт, бирок Персия булуңунун башка өлкөлөрүнө салыштырмалуу БАЭ баары бир жаш өлкө болуп саналат. Демографиялык жактан алганда негизинен эмгек мигранттарынын өкүлдөрү болгон эркектер басымдуулук кылат (2-сүрөт).

Экспорттоочулар үчүн экспорттук стратегияларды жана БАЭ рыногунун ар кандай максаттуу аудиторияларында эң көп суроо-талапка ээ болушу мүмкүн болгон өнүмдөрдү иштеп чыгууда жыныстык-курактык курамды жана анын өзгөрүлүшүндөгү тендендияларды эске алуу өтө маанилүү.

**2-сүрөт. БАЭнин калкын жынысы жана курагы боюнча бөлүштүрүү (2019-ж.)**





*Булак: БАЭ өкмөтүнүн Маалымдардын расмий порталы (bayanat.ae)*

БАЭнин калкы менен катар БАЭде товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрүн керектөө көлөмдөрүнө ошондой эле салым кошкон эмгек рыногун жана туристтик секторду түшүнүү

[4] *Statista* аналитикалык сереби https://www.statista.com/statistics/297597/uae-age-structure/

өтө маанилүү аспект болуп саналат. Акыркы 6 жылдын ичинде жумушка жарамдуу аялдардын саны 600 миңге көбөйүп, ал эми эркектердин саны 350 миңден ашык адамга кыскаргандыгын билүү да экспорттоочулар үчүн маанилүү болот.

**3-сүрөт. БАЭнин жумушчу күчүнүн статистикасы (15 жаштан жогору), миң адам**




*Булак: Эмгек боюнча эл аралык уюм*

Продукцияны экспортко чыгарууну илгерилетүү үчүн өтө маанилүү сектор болуп туризм саналат. Ошондуктан, экспорттоочулар үчүн, өзгөчө Хорека[5] сегментине багытталган экспорттоочулар үчүн туристтик сектор боюнча статистикага көз салуу маанилүү. Статистика боюнча улуттук органдын отчеттуулугуна[6] ылайык пандемияга каршы күрөштү камсыз кылуу боюнча өкмөттүн активдүү ишинен улам 2022-жылдын биринчи жарым жылдыгынын ичинде туристтердин санынын бааланышы 12 млн. адамды түзгөн, ошону менен туризм көрсөткүчтөрүнүн калыбына келиши күтүлүүдө деп айтса болот.

Туристтердин социалдык жана маданий курамы да Хорека сегментиндеги продукциянын керектөөчүлөрү боюнча түшүнүккө ээ болуу үчүн маанилүү аспект болуп саналат. Ошентип, 2014-жылдан тартып 2021-жылга чейинки мезгил ичинде иш сапарлары боюнча келгендердин саны 12%дан 29%га чейин көбөйгөн. Экспорттоону пландаштыруу үчүн туристтер БАЭге кайсы жерлерден учуп келип жаткандыгын түшүнүү зарыл. Түштүк Азиядан келген туристтердин саны пандемияга чейинки абсолюттук маанилерге олуттуу түрдө жакындап, 2014-жылы 14%дан 2021-жылы 24%га чейин көбөйгөндүгүн белгилеп кетүү керек.

**1-таблица. Аймак боюнча бөлүштүрүүдө БАЭнин туристтери**

| Аймактар | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Баардыгы** | **16 232** | **19 313** | **20 894** | **21 805** | **23 092** | **25 282** | **8 084** | **12 784** |
| **Африка** | 0 | 901 | 937 | 1 013 | 1 196 | 1 370 | 502 | 794 |
| **Америка** | 3 214 | 1 175 | 1 135 | 1 186 | 1 208 | 1 245 | 364 | 575 |
| **Түштүк Азия жана Тынч океан** | 2 097 | 1 766 | 1 882 | 2 203 | 2 263 | 2 474 | 551 | 871 |
| **Европа** | 2 710 | 5 006 | 5 209 | 5 653 | 5 943 | 6 256 | 2 223 | 3 515 |
| **Жакынкы Чыгыш** | 5 391 | 7 102 | 8 049 | 7 598 | 8 056 | 9 368 | 2 504 | 3 960 |
| **Түштүк Азия** | 2 407 | 3 364 | 3 683 | 4 152 | 4 425 | 4 568 | 1 941 | 3 069 |
| **Башкалар** | 413 | 0,3 | 0,3 | 0,1 | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 0,1 |


[5] Хорека (англ. HoReCa Hotels, Restaurants, Catering) – мейманканалар, ресторандар жана кейтеринг рыногунун сегменти.

[6] «БАЭ цифралар менен» отчету fcsc.gov.ae

*Булак: БУУнун Бүткүл дүйнөлүк уюму*

БАЭде 200дөн ашык улуттун өкүлдөрү жашайт, мында эң чоң топтор болуп Түштүк Азия өлкөлөрүнүн жарандары саналат (4-сүрөт).

**4-сүрөт. БАЭнин калкынын улуттук курамы (2023), млн. адам**




*Булак: globalmediainsight.com*


Маданияттардын жана улуттардын ар түрдүүлүгүн эске алуу менен керектөөчүлөрдүн артыкчылыктары да ар кандай. Мисалы, БАЭнин коомдук тамактануу чөйрөсүндө бир дагы басымдуулук кылган оюнчу жок. Экспорттоону пландаштырууда товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрүн керектөөгө байланыштуу, кийинки бөлүмдө карала турган технологиялык да аспекттерди эске алуу маанилүү.

## ТЕХНОЛОГИЯЛЫК ТЕНДЕНЦИЯЛАР

БАЭнин керектөөчүлөрүнүн жүрүм-турумуна ар кандай тенденциялар таасир этет, бирок жашоону санариптештирүү эң айкын таасир этет.

*McKinsey*[7] изилдөөлөрүнө ылайык БАЭ интернеттин кириши жана аны менен камтылышы жагынан алдыда турат, ал жерде калктын 99 %ы Интернетке кирүү мүмкүнчүлүгү бар, ар бир 100 адамга 204 мобилдик байланышка жана 40 кең тилкелүү интернетке ээ. БАЭ дүйнө боюнча мобилдик жүктөө боюнча эң ылдам *Etisalat*[8] мобилдик оператору тарабынан берилген 5-G стандартындагы мобилдик байланыш менен Дубай жана Абу-Даби сыяктуу негизги калктуу конуштарды жана түндүк эмираттарди камтуу боюнча алдыда турат.

**5-сүрөт. БАЭде жана дүйнөнүн аймактарында санариптик каналдардын колдонулушун салыштыруу**




[7] «Жакынкы Чыгыштагы санариптик керектөөчүлөр: өсүп жаткан кабыл алуу жана мүмкүнчүлүк» *McKinsey* изилдөөсү. Январь, 2023.


[8] «БАЭнын мегатренддери» *Euromonitor International* изилдөөсү. Ноябрь, 2022.

*Булак: McKinsey*

БАЭнин керектөөчүлөрү биринчи кезекте мобилдик интернетти баалашып, мобилдик тиркемелерге артыкчылык беришет. McKinsey белгилегендей, керектөөчүлөрдүн мобилдик тиркемелерге тартылгандыгы мурдагыдай эле веб-сайттар басымдуулук кылган Европанын жана Түндүк Американын өнүккөн рынокторуна караганда 1,7 эсе жогору болгон. Санариптик технологиялардын тездетилген камтылышы маркетплейстерди олуттуу түрдө популярдуураак кылат, жана керектөөчүлөр маркетплейстер менен болжол менен Азиядагыдай эле, бирок Европанын жана Түндүк Американын өнүккөн рынокторунда караганда 1,7 эсе көбүрөөк өз ара аракеттенишет.

БАЭнин рыногунун санариптештирүү деңгээли технологиялардын жайылтылышынын жана керектөөчүлөр тарабынан кабыл алынышынын жогору даражасын көрсөтүп турат.

**6-сүрөт. Секторлор боюнча БАЭнин санариптештирүү деңгээли**




*Булак: McKinsey*

Ошондой эле, Кыргызстандын экспорттоочулары үчүн санариптештирүүнүн өсүп жаткан тенденцияларын түшүнүү, ошондой эле кайсы жаңы оюнчулар рынокто кыйла жогору үлүштөрдү ээлегендигин да түшүнүү маанилүү. Ошентип, мисалы, 2023-жылы санариптик сервистердин керектөөчүлөрүнүн санынын бакалея үчүн 55%га жана чекене соода үчүн 49%га өсүшү күтүлүүдө.

## ЛОГИСТИКАНЫН СЕРЕБИ

Бүткүл дүйнөлүк банк тарабынан иштелип чыккан логистиканын натыйжалуулугунун индекси ар кайсы өлкөлөрдөгү логистикалык тутумдардын ыңгайлуулугунун деңгээлин өлчөйт. Акыркы 5 жылдын ичинде БАЭ ушул рейтингдеги позицияларын олуттуу түрдө жакшыртып, төрт сапка жогору көтөрүлгөн жана 2018-жылга салыштырмалуу 7-орунду ээлеген. Бул унаалык-логистикалык тутумду өнүктүрүү боюнча өлкөнүн артыкчылыктарын билдирет.

**7-сүрөт. 2023-жылы Логистиканын натыйжалуулугу индексиндеги БАЭнин көрсөткүчтөрү**




*Булак: Бүткүл дүйнөлүк банк*

Бүгүнкү күнү Кыргызстандын көптөгөн экспорттоочулары өз продукциясын Эмираттарге ар кандай маршруттар менен жөнөтө алышат.

### Автомобилдик ташуу

Бүгүнкү күнү автоунаа менен жүк ташуулар төмөнкүдөй маршрут менен жүзөгө ашырылат: Кыргызстан – Өзбекстан – Түркмөнстан – Иран (Бендер-Абас порту) – БАЭ. Суроо-талаптын чектелгендигинен жана логистикага болгон баалардын глобалдын өсүшүнөн улам бүгүнкү күнү баалар 7 миң АКШ долларынан (22 тонналык жүк ташуучу машине, тенттелген) 15 миң АКШ долларына чейин (22 тонналык жүк ташуучу машине, рефрижератор) айырмаланышы мүмкүн. Жеткирүүнүн болжолдуу мөөнөттөрү 15-20 күндү түзөт.

### Авиаташуулар

Жүк үзгүлтүксүз авиалиниялары менен же авиаунааны пайдалануу менен жүк ташуучу чартер менен жеткирилиши мүмкүн. Кыргызстандан БАЭга бир нече авиакомпаниялар учат, алардын ичинен төмөнкүлөрдү белгилеп кетүү керек[9].

**2-таблица. КР менен БАЭнин ортосундагы үзгүлтүксүз авиакаттамдардын тизмеси**

| Авиакомпания | Рейстердин багыты | Рейстердин жыштыгы |
|---|---|---|
| **Fly Dubai** | Дубай – Бишкек жана артка | Күн сайын |
| **Air Arabia** | Шарджа – Бишкек жана артка | Аптасына бир нече жолу |
| **Wizz Air** | Абу-Даби – Бишкек жана артка | Аптасына бир нече жолу |

Логистикалык кызмат көрсөтүүлөрүнүн баа коюулушу продукциянын типине жараша айырмаланат. Авиаташуулар үчүн минималдуу баалар 2 АКШ долл./ кг тартып башталат. Ташуунун ылдамдыгы түшүрүүнү жана бажылык жол-жоболоштурууну эске алуу менен 2 сутканы түзөт.

[9] «Манас» эл аралык аэропортунун сайты http://www.airport.kg/


## ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАГДАЙДЫН СЕРЕБИ

### Улуттук экономиканын өсүшүнүн көрсөткүчтөрү

2021-жылы БАЭнин ИДПсы 415,0 миллиард АКШ доллары чегине жеткен. Акыркы 10 жылдые ичинде бул көрсөткүч мунай баасына жараша өзгөрүп турган. 2021-жылдын аягында мунай баасы дээрлик 75 долларды түзүп, 2020-жылдагы минус 11%га салыштырмалуу ИДПнын 1,6%га өсүшүн калыбына келтирүүгө салым кошкон. Бул акыркы 10 жылдын ичинде эң жогору көрсөткүч болгон. Эл аралык Валюталык Фонддун (мындан ары – ЭВФ) болжолу боюнча жагымдуу тренддин улануусу күтүлүүдө.

2020-жылы пандемиядан улам ИДП учурдагы баалар боюнча 350 миллиард АКШ доллары белгисине чейин төмөндөгөн. Жугузуулар статистикасынын төмөндөшү саякаттарды кошуп, чектөө чараларын жумшартууга мүмкүндүк берген. Даректүү экономикалык колдоо схемасынын алкагындагы фискалдык чаралар (ИДПдан 2,5%) жана олуттуу макроэкономикалык колдоо (ИДПдан 19,5%) чакан жана орто бизнестин көбүрөөк жапа чеккен секторлорунун, ошондой эле финансылык тутумдун абалын жеңилдетүү үчүн жарыяланган. Өлкөнүн өкмөтүнүн мындай ыкчам жана жигердүү жооп кайтаруусу өсүштүн оң динамикасын калыбына келтирүүгө мүмкүндүк берген.

**8-сүрөт. Учурдагы баалар боюнча БАЭнин ИДПсы, млрд. АКШ долл.**




** - болжолдоо маанилери*

*Булак: Эл аралык Валюталык Фонд*

Өлкөнүн бакубаттуулугунун көрсөткүчтөрүнүн бири – бул жан башына ИДП, ал калктын сатып алуу жөндөмдүүлүгүн кыйыр түрдө чагылдырат жана экспорттоочулар үчүн ориентир болуп саналат. 2021-жылы БАЭде ушул көрсөткүч 43,422 миң АКШ долларын түзгөн, бул дүйнөлүк деңгээл боюнча орточо мааниден дээрлик 4 эсе ашат. Ал эми ошол эле мезгил ичинде жан башына ИДП сатып алуу жөндөмдүүлүгү паритети[10] (СЖП) боюнча 75,396 АКШ долларын түзгөн. Орточо мөөнөттүү келечекте 2028-жылга чейин 58,816 миң АКШ доллары жана ошого жараша СПЖ боюнча – 110,415 миң АКШ доллары өлчөмүндө күтүлгөн маанилер менен ушул көрсөткүчтүн ошондой эле оң динамикасы болжолдонот.

[10] СПЖ калктын жан башына ИДП – сатып алуу жөндөмдүүлүгү паритети боюнча калктын жан башына Ички дүң продукттун көрсөткүчү.

**9-сүрөт. 2021-жылдагы экономиканын тармактары боюнча ИДП (учурдагы баалар боюнча, БАЭ дирхамы)**




*Булак: БАЭнин Атаандаштыкка жөндөмдүүлүк жана статистика федералдык борбору*

БАЭ диверсификацияланган экономика болуп саналат, анда негизги тармактар мунай-газ өнөр жайын, туризмди, финансылык секторду, кыймылсыз мүлктү жана курулушту, логистиканы жана транспортту, маалыматтык технологияларды, сооданы жана чекене сооданы, медициналык секторду жана билим берүүнү камтыйт.

## Акча-насыя саясатынын көрсөткүчтөрү

### *ИНФЛЯЦИЯНЫН ДЕҢГЭЭЛИ*

Акыркы он жылдын ичинде БАЭ инфляцияны 5%дан төмөн деңгээлде кармап турган, ал эми пандемия учурунда ал тургай баалардын төмөндөшү байкалган[11]. Пандемия саякат, эс алуу жана чекене соода сыяктуу жугузуунун жогору тобокелдиги бар секторлорго катуу таасир этип, БАЭнин калкынын 2,3%га кыскаруусуна алып келген[12]. Начар суроо-талаптан улам жалпы инфляция акыркы убакка чейин терс зонада кармалып турган.


Бирок туризм, эс алуу жана чекене соода секторлорунун тез калыбына келтирилишинин аркасынан, ошондой эле глобалдык рецессияны жана инфляцияны эске алуу менен 2022-жылы БАЭгы баалар инфляциянын 4,8% деңгээлине жетип, укмуштуу чукул өзгөрүүгө учураган. Бирок финансылык иштер боюнча министр Мохамад Хади Аль-Хуссайн мырзанын сөздөрүнө ылайык 2023-жылы баалардын турукташтырылышы жана инфляциянын 3,2%га чейин төмөндөшү күтүлүүдө[13].

[11] Дефляция – баалардын төмөндөшү.

[12] Расмий эмес маалымдар бир кыйла сандагы аялдарды кошуп, чет өлкөлүк жумушчулардын кетүүсүн көрсөткөт, бул кризистин эмгек рыногуна болгон таасирин баса белгилейт.

[13] https://www.arabnews.com/node/2288281/business-economy

**10-сүрөт. 2012-2021-жылдар аралыгындагы БАЭнин инфляциясы жана анын 2028-жылга чейинки болжолу**




*Булак: Эл аралык Валюталык Фонд*

БАЭде өсүү үчүн олуттуу мүмкүнчүлүктөр бар, мында инфляция жана башка кескин курч кырдаалдар дүйнөнүн башка рынокторуна салыштырмалуу азыраак таасир этет. Мындан тышкары, ИДПнын кыйла жогору болжолдору жана АКШгы инфляция менен Россиядагы кризис сыяктуу факторлордун чектелген таасир этүүсү сыяктуу жагымдуу көрсөткүчтөр аймакта жагымдуу ишкерлик чөйрөнү түзүүгө көмөктөшөт. БАЭнин керектөөчүлөрүнүн 48%ы учурдагыга салыштырмалуу кийинки 12 айдын ичинде жеке экономикалык абалынын жакшыртылышына ишеним билдиришти[14]. Бул өсүп жаткан рынокко чыгуу боюнча кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачат.

### *УЛУТТУК ВАЛЮТАНЫН КУРСУУ*

Бириккен Араб Эмираттарынин дирхамы (AED) 1973-жылы жүгүртүүгө киргизилген. 1978-жылдан тартып дирхам Эл аралык валюталык фонддун (ЭВФ) карыз алуунун атайын укуктарына расмий түрдө байланыштырылган, бул иш жүзүндө анын АКШ долларына байланышкандыгын билдирет.

Дирхамды долларга байналаныштыруунун себептеринин бири болуп ага кыйла күчтүүрөөк валютанын төмөн инфляция сыяктуу мүнөздөмөлөрүн берүү каалоосу болгон. Дагы бир себеп өлкөлөрдүн ортосундагы алмаштыруу курсун аны алдын ала белгилөөгө мүмкүн болгудай кылып турукташтыруу болгон. Бул БАЭга дирхамды АКШ долларына байланыштырып, өзүнүн мунай экспортунун волатилдүүлүгүн (туруксуздугун) төмөндөтүүгө мүмкүндүк берет.

Байланыштыруу курсу 1997-жылы **1 АКШ доллары үчүн 3,6725 дирхам** деңгээлинде белгиленген. Ошондуктан дирхамдын наркынын өзгөрүшүн изилдөөдө доллардын күчтүүлүгүнө же алсыздыгына көңүл буруу керек.

БАЭга экспорттоону пландаштырып жаткан компаниялар үчүн дирхамдын курсун болжолдоо үчүн америкалык валютанын динамикасына байкоо жүргүзүшү маанилүү. Ал үчүн DXY индексине байкоо жүргүзсө болот.

[14] «Инфляция жана жумушсуздук БАЭ керектөөчүлөрүнүн эң чоң тынчсызданусу» https://www.zawya.com/en/economy/gcc/inflation-unemployment-top-concerns-of-uae-consumers-ig9o5vmx

**11-сүрөт. DXY индексинин акыркы 5 жыл ичиндеги динамикасы.**





*Булак: tradingview.com*

DXY индекси эл аралык соодада АКШ долларынын орточо салмактанып алынган наркына байкоо жүргүзүү үчүн АКШ ФРТ[15] тарабынан иштелип чыгып, негизги валюталардын себетине карата доллар күчүнүн өлчөмүн билдирет. DXY индекси 2021-жылдан тартып 2023-жылга чейинки мезгил ичинде доллардын бекемделишин чагылдырат, анткени ФРТ катаал акча-насыя саясатын жүргүзүүнү улантууда.

### *ПАЙЫЗДЫК КОЮМДАРДЫН ДЕҢГЭЭЛИ*

БАЭнин акча-насыя саясаты дирхам долларга байланышкандыгы үчүн көбүнчө АКШ саясатын кайталайт, бул экономиканын жана валютанын узак мөөнөттүү туруктуулугун камсыз кылат.

**12-сүрөт. EIBOR[16] банкттар аралык пайыздык чендин динамикасы (5 жыл)**




*Булак: tradingeconomics.com*

Өзүнүн акыркы кадамында АКШ ФРТ пайыздык коюмдарды БАЭде болгондон принципиалдуу түрдө башкача кылып көтөрүп салган. Акыркы айларда АКШда COVID-19га байланыштуу болгон инфляциянын байкалып жаткан чоң өсүшү бааларды кармап туруу үчүн саясатты оңдоону талап кылган. Жана тескерисинче, БАЭ инфляция жагынан насыялык коюмдарды жогорулатуу үчүн кандайдыр бир олуттуу мажбурлоого дуушар

[15] АКШ ФРТ – АКШнын Федералдык резервдик тутуму. Индексти эсептөөдө алты валюта эсепке алынат: 57,6% салмагы менен евро, 13,6% жапон иенасы, 11,9% салмагы менен фунт стерлинг, 9,1% канада доллары, 4,2% швед кронасы, 3,6% швейцария франкы.

[16] EIBOR (аббр. – *The Emirates Interbank Offered Rate*) — бул дирхам менен белгиленген БАЭнын пайыздык чени. Ошондой эле ал ипотекалык, керектөөчүлүк жана автомобилдик насыялар сыяктуу насыялар боюнча финансылык операцияларды жүргүзүү үчүн зайымчылар жана насыя берүүчүлөр тарабынан колдонулчу маалымдама чени болуп саналат.

болбойт. БАЭде керектөөчү баалардын инфляциясы 2023-жылдын ичинде болжол боюнча 1,8ден тартып 2,4 пайызга чейинки диапазондо өзгөрүлөт[17].


Азыркы кырдаалды эске алуу менен АКШгы пайыздык коюмдардын кескин түрдө жогорулашы доллардын бекемдөөсүнө алып келиши күтүлүүдө, бул өз учурунда дирхамдын курсуна таасир этип, соода, туризм, мейманкана бизнеси жана кыймылсыз мүлк сыяктуу секторлордун атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнө таасир тийгизиши мүмкүн.

Кыргызстандын экспорттоочулары пайыздык чендердин мындан аркы жогорулашына байланыштуу дирхамдын күтүлгөн бекемделишине көңүл бурушу керек. Бул БАЭге импорттоону кыйла пайдалуураак кылышы мүмкүн. Экинчи жагынан, экспорттоону пландаштырууда компаниялар пайыздык чендердин жогорулашы калк жана ишканалар үчүн каржылоого чыгымдардын көбөйүшүнө алып келип, учурдагы кирешелерге жана белгилүү товарларга болгон суроо-талапка таасир этиши мүмкүн экендигин эске алышы керек.

## Тышкы сооданын көрсөткүчтөрү

2022-жылы товар жүгүртүүнүн көлөмү көбүнчө импорттун 13,5%га жана экспорттун 9,2%га кескин түрдө төмөндөшү үчүн 11,2%га кыскарган.

**13-сүрөт. 2013-2022-жылдардагы БАЭнин тышкы соода жүргүртүүсүнүн көрсөткүчтөрү**




*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*


Акыркы 5 жылдын ичинде БАЭнин тышкы соода жүгүртүүсү 2018-жылдан тартып 2020-жылга чейинки мезгил ичинде төмөндөп, бирок 2021-жылы буга чейинки жылга салыштырмалуу 39%га кескин түрдө өсүп кеткен. 2017-жылдан тартып 2022-жылга чейинки мезгил ичинде оң сальдо сакталып келген, жана энергия алып жүрүүчүлөргө болгон баалардын өсүшүнүн аркасынан 2021-2022-жылдары соода балансынын жогору оң маанилери байкалып турат.

### *НЕГИЗГИ СООДА ӨНӨКТӨШТӨРҮ*

БАЭнин 10 жетектөөчү соода өнөктөштөрү болуп Жапония, АКШ, Түштүк Корея, Улуу Британия, Швейцария жана Германия сыяктуу ЭКӨУнун өнүккөн өлкөлөрү, ошондой эле Азиянын Кытай (Гонконгду кошуп), Сингапур жана Таиланд сыяктуу өнүгүп келе жаткан өлкөлөрү саналат. Жогоруда белгиленген өлкөлөр БАЭнин жалпы тышкы соода жүгүртүүсүнүн 70%ын түзөт.

[17] Gulf News маалымат агенттиги https://gulfnews.com/opinion/editorials/uaes-rate-hike-an-imperative-to-protect-economic-stability-1.86573212

**14-сүрөт. 2022-жылдагы БАЭнин соода өнөктөштүрүнүн Топ-10**[18]




*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

БАЭнин географиялык импортунун жана экспортунун талдоосу концентрациянын жогору даражасын көрсөтөт.

2022-жылы БАЭнин импортунун 73%ы 10 экспорттоочу-өлкөлөргө туура келген. Негизги көрсөткүчтөр жана БАЭге импорттолуучу продукция (3-таблицаны карагыла). Кытай 53,9 млрд. АКШ доллары суммасын түзгөн импорту менен алдыңкы орунду ээлейт, бул 2021-жылга салыштырмалуу 23%га көбөйүү болуп саналат. Кытайдан кийин 20,9 млрд. АКШ доллары суммасындагы импорту жана акыркы жылдын ичинде 21%га өсүшү менен АКШ турат. Түркияны (-5%) жана Италияны (-2%) эсепке албаганда, Топ-10 өлкөлөрүнөн болгон импорттун көбү акыркы 5 жылдын ичинде оң бойдон калып келет.

2022-жылы БАЭнин экспортунун 75,3%ы 10 импорттоочу-өлкөлөргө туура келген. 4-таблица негизги көрсөткүчтөрдү жана БАЭген экспорттолгон продукциянын тартуулайт.

Ар бири 19 млрд. АКШ долларынан ашык суммалары менен Жапония жана Кытай эскпорттун абсолюттук көлөмү боюнча лидерлер болушкан. 2021-жылга карата экспорттун өсүү темптери тиешелүү түрдө 70% жана 59% түзгөн. Импорт сыяктуу эле, Швейцарияны (-7%) эсепке албаганда, БАЭген болгон экспорт акыркы 5 жылдын ичинде топ-10 өлкөлөрү менен өсүүдө.

### *ТЫШКЫ СООДАНЫН ТОВАРДЫК ТҮЗҮМҮ*

2022-жылы БАЭген болгон экспорттун негизги көлөмү жалпы экспорттон дээрлик 93% түзгөн 10 тармакта топтолгон. Эң чоң үлүштү мунай-газ тармагынын өнүмдөрү (72%), баалуу металлдар жана таштар, зер буюмдар, алардын сыныктары жана калдыктары (12%), электроника жана компьютердик-эсептөөчү техника (8%) жана машиналар менен жабдуулар (4%) түзгөн.

2018-жылдан тартып 2022-жылга чейин алдыңкы орунда турган тармактар оң динамиканы көрсөтүшкөн. Мунайдын экспорту 15%га, баалуу металлдардын жана буюмдардын – 6%га, алюминийдин жана андан жасалган буюмдардын – 12%га, пластмассалардын – 9%га, электрониканын – 2%га жана компьютерлердин – 10%га өскөн.

**3-таблица. БАЭнин экспорттук тармактарынын ТОП-10**

| Товардын аталышы | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Минералдык отун, мунай жана мунай өнүмдөрү; битуминоздук заттар; минералдык мом | 92,5 | 94,0 | 173,3 | 217,3 | 172,1 |
| Баалуу металлдар жана таштар, зер буюмдар, алардын сыныктары жана калдыктары | 45,9 | 47,8 | 45,1 | 61,6 | 28,6 |

[18] Күзгү статистикасынын маалымдарынын негизинде.

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Электроника жана компьютерлер | 27,3 | 30,5 | 28,6 | 34,2 | 2,4 |
| Машиналар жана жабдуулар | 17,6 | 18,7 | 16,6 | 18,6 | 1,9 |
| Жеңил, жүк ташуучу автомобилдер, автобустар, атайын техника, мотоциклдер жана алардын тетиктери | 12,9 | 12,2 | 10,0 | 11,7 | 0,6 |
| Пластмассалар жана алардан жасалган буюмдар | 5,5 | 6,0 | 7,0 | 9,3 | 5,6 |
| Алюминий жана андан жасалган буюмдар | 6,4 | 5,5 | 4,4 | 8,1 | 9,5 |
| Тамеки жана тамеки алмаштыруучулар | 4,5 | 4,7 | 4,4 | 4,9 | 0,2 |
| Парфюмерия, косметика же туалет каражаттары, эфир майлары | 3,5 | 3,9 | 3,6 | 4,6 | 0,5 |
| Кара металлдар | 1,9 | 2,8 | 2,4 | 4,2 | 1,8 |

*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

БАЭге импорттоонун жалпы наркынан 68%ы импорттун 10 эң ири тармактарынын үлүшүнө туура келген. Импорттогу эң чоң үлүштөрдү компьтерлер жана электроника (16%), баалуу металлдар жана алардан жасалган буюмдар (15%), ошондой эле машиналар жана жабдуулар (14%) ээлешкен.

2018-2022-жылдар мезгил ичинде импорттун жалпы өсүшү негизинен жетектөөчү товарлардын импортунун көбөйүшүнүн эсебинен болгон. Бул БАЭнин маанилүү товардык топтордун импортуна олуттуу көз карандылыгын көрсөтүп турат.

**4-таблица. БАЭнин импорттук тармактарынын ТОП-10**

| Товардын аталышы | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Электроника (уюлдук телефондорду кошуп) жана компьютердик техника | 34,2 | 36,7 | 33,2 | 41,8 | 33,0 |
| Баалуу металлдар жана таштар, зер буюмдар, алардын сыныктары жана калдыктары | 54,2 | 58,6 | 52,5 | 73,9 | 30,7 |
| Машиналар жана жабдуулар | 28,6 | 28,1 | 27,2 | 28,6 | 27,4 |
| Жеңил, жүк ташуучу автомобилдер, автобустар, атайын техника, мотоциклдер жана алардын тетиктери | 20,5 | 19,2 | 15,2 | 18,4 | 17,4 |
| Эч жерде белгиленбеген товарлар | 16,9 | 18,8 | 0,0 | 53,2 | 4,8 |
| Пластмассалар жана алардан жасалган буюмдар | 4,9 | 4,7 | 4,2 | 6,2 | 4,6 |
| Минералдык отун, мунайды кайра иштетүүдөн келип чыккан өнүмдөр | 7,0 | 4,6 | 3,2 | 3,5 | 4,4 |
| Кара металлдардан жасалган буюмдар | 15,4 | 16,5 | 42,4 | 36,8 | 4,3 |
| Эмерек, төшөк буюмдары | 5,4 | 4,4 | 3,8 | 3,5 | 3,7 |

*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

# 2-БӨЛҮМ: ИМПОРТТУ ТЫШКЫ СООДАЛЫК ЖӨНГӨ САЛУУ

## БАЭ СООДА РЕЖИМИНИН СЫПАТТАМАСЫ

1996-жылдан тартып БАЭ ДСУнун мүчөсү болуп саналат жана КРна карата абдан жагымдуу мамиле кылуу режими болуп саналган соода режимин колдонот. Бул кандайдыр бир преференцияларды берген Эркин соода жөнүндө өзүнчө макулдашуулар жок экендигин билдирет.

**БАЭнин Экономика министрлигине** федералдык соода саясатын иштеп чыгууга ыйгарым укук берилген. БАЭ эрежелердин негизинде көп тараптуу сооданы жигердүү колдойт жана ДСУнун сүйлөшүүлөрүнө жана электрондук соода жана инвестициялар боюнча демилгелерге катышат. Алар Персия булуңунун Өлкөлөрүнүн кызматташтык кеңешинин

(мындан ары - GCC[19]) бажы биримдигинин жана Панараб эркин сооданын зонасынын мүчөлөрү болуп саналат.

БАЭ GCC бажы биримдигинин мүчөсү болуп саналгандыктан, анын Сингапур, Индия жана Эркин сооданын Европалык ассоциациясы менен эркин соода жөнүндө макулдашуулары бар. Буга кошумча, БАЭ соода, инвестициялар жана башка экономикалык чөйрөлөрдө башка өлкөлөр менен да (Корея Республикасын, Бириккен Королдукту жана Түркияны кошуп) баарыдыгын ичине камтыган экономикалык макулдашууларды түзүүнү пландаштырууда .

**5-таблица. БАЭнин соода макулдашуулары**

| Аталышы | Күчүнө кирген жыл | Катышуучу-өлкөлөр |
|---|---|---|
| Панараб эркин соода зонасы | 1998 | Бахрейн, Египет, Ирак, Иордания, Кувейт, Ливан, Ливия, Марокко, Оман, Катар, Сауд Аравиясы, Судан, Сирия, Тунис, БАЭ, Йемен |
| Персия булуңунун Өлкөлөрүнүн кызматташтык кеңешинин бажы биримдиги (GCC) | 2003 | Бахрейн, Кувейт, Оман, Катар, Сауд Аравиясы, БАЭ |
| Марокко жана БАЭнин Эркин соода жөнүндө макулдашуусу | 2003 | Марокко жана БАЭ |
| GCC жана Сингапурдун ортосунда Эркин соода жөнүндө макулдашуу жана Экономикалык интеграциялоо жөнүндө макулдашуу | 2013 | GCC өлкөлөрү жана Сингапур |
| Европа эркин соода ассоциациясынын (EFTA) жана GCC ортосунда Эркин соода жөнүндө макулдашуу жана Экономикалык интеграциялоо жөнүндө макулдашуу | 2014 | GCC өлкөлөрү жана EFTA өлкөлөрү: Исландия, Лихтенштейн, Норвегия, Швейцария. |
| Индиянын жана БАЭнин ортосунда Эркин соода жөнүндө макулдашуу жана Экономикалык интеграциялоо жөнүндө макулдашуу | 2022 | Индия жана БАЭ |

*Булак: ДСУ*

БАЭ ТЧИ (түздөн-түз чет өлкөлүк инвестициялар) тартууга жана өзүнүн аймактык соода статусун бекемдөөгө умтулат. 100% чет өлкөлүк мүлктөр жайгашкан эркин зоналар маанилүү бойдон калууда, ал эми мыйзамдык өзгөртүүлөр чет өлкөлүк инвесторлорго ар кайсы эмираттарде айырмаланышы мүмкүн болгон стратегиялык жактан маанилүү секторлордон тышкары, кургак жерде жайгашкан компаниялардын 100%на чейин ээ болууга мүмкүндүк берет. Ошондой эле 100%дык менчиги бар жергиликтүү сервистик агенттердин бар болуу талабы да жокко чыгарылган. Улуттук ТЧИ программасы белгилүү өлкөлөргө жана инновациялык тармактарга багытталган. Экспорттоочулар БАЭде өкүлчүлүк-компанияларын ачып, жеңилдетилген фискалдык эрежелерди колдонсо болот.

ЭСИҢИЗДЕРДЕ БОЛСУН:

Ушул басылма экспортко чейинки даярдануу этабында экспорттоону пландаштырууда жардам берүү үчүн кызмат кылат, бирок ал тышкы тоода операцияларын ишке ашыруу үчүн колдонмо катары кызмат кылбайт.

Зарыл документацияны жана продукцияны жүктөп жөнөтүүнү унаалык, брокердик жана бажылык уюмдар менен жүргүзүлгөн консультациялардын негизинде даярдоо сунушталат.

Экспортточулар өздөрүнүн чет өлкөлүк кардарлары менен импорттук талаптардын толук топтомун текшерип чыгышы зарыл, алар мындай маселелерди жергиликтүү органдар менен

[19] GCC – Gulf Cooperation Council. Сайт https://www.gcc-sg.org

| |
|---|
| товарларды жөнөтүүгө чейин тактай алышат. |

## ИМПОРТТУ БАЖЫЛЫК ЖӨНГӨ САЛУУ ЖАНА САЛЫК САЛУУ

**Федералдык бажы башкармалыгы** (FCA[20]) бажы саясатын аныктайт жана анын ишке ашырылышын контролдойт, ар бир эмираттын бажы органдары GCC Жалпы бажы мыйзамын колдонушат жана Жалпы бажы мыйзамдарына ылайык келген бажы жол-жоболорун аныктай алышат.

Будучи членом GCC мүчөсү болгондуктан БАЭ Бирдиктүү бажы тарифин колдонот, мында 7585 тарифтик позициялардын басымдуу көпчүлүгү (87,6%) 5%ды түзөт, ал эми 11,2%ы алымсыз болуп саналат. 2021-жылы орточо колдонулчу тариф 5%ды түзгөн, мында айыл чарба продукциясына болгон тарифтер, айыл чарбалык эмес болгон продукциясына болгон тарифтерден жогору. Адвалордук эмес[21] тарифтер менен линиялардын үлүшү 0,7%ды түзөт (тыюу салынган позицияларды эске алуу менен). 2020-жылдын башынан тартып импорттоочулар келип чыгуу сертификатын ар бир партия менен милдеттүү түрдө тапшырышпайт, бирок алар жеңилдетилген режим боюнча алымдарды талап кыла турган болсо, келип чыгууну эсеп-фактурасында белгилеши керек.

«Атайын товарларды[22]» камтыган 22 тарифтик позициялар үчүн колдонулчу тарифтер байланышкан тарифтерден ашат. Бул 50% өлчөмүндөгү колдонулчу алым 15% байланышкан ченден ашкан алкоголду камтыган товарлардын 14 тарифтик позицияларына, жана 100% өлчөмүндөгү колдонулчу алым 15% байланышкан ченден ашкан тамеки тартуу үчүн электрондук түзүлүштөр (алардын бөлүктөрү) үчүн 8 тарифтик позицияларга таандык.

GCC Бирдиктүү бажы тарифи боюнча кененирээк маалыматты төмөнкү шилтеме боюнча өтүп, тапсаңыздар болот:

https://www.fca.gov.ae/en/HomeRightMenu/Pages/hscodeDefinition.aspx?SelectedTab=5

БАЭгы бажылык тазалоо жол-жоболору боюнча кененирээк маалымат төмөнкү шилтеме боюнча:

https://www.fca.gov.ae/en/HomeRightMenu/Pages/CustomsGuide.aspx?SelectedTab=2

БАЭ «атайын товарлар» тизмесин кеңейтишкен жана ага кант же таттуу даам бергичтер кошулган таттуу суусундуктарды да кошушкан, ошондой эле кант кошуп таттуу суусундуукка айландыруу мүмкүн болгон кандай болбосун өнүм акциздик салык салынууга тийиш. Бул аракет 2017-жылдагы токтомдон келип чыккан, анда адамдын ден-соолугу же айлана чөйрө үчүн зыяндуу деп жарыяланган товарларга салык салынган. Эми акциздик тизмеге газдалган суусундуктар (50%), энергетикалык суусундуктар (100%), таттуу даам берилген суусундуктар жана суусундуктар үчүн порошок аралашмалары (50%) да кирет[23].

Айрым таттуу суусундуктарга акциздик **салык салынбайт**:

- Кеминде 75% сүттү камтыган даяр суусундуктар.
- Кеминде 75% сүттү алмаштыруучу заттарды камтыган даяр суусундуктар.
- Ымыркайлар үчүн аралашмалар жана өспүрүмдөр үчүн аралашмалар.

[20] FCA – UAE Federal Customs Authority. Федералдык бажы башкармалыгынын сайты https://fca.gov.ae https://uaecustoms.ae/Home.aspx?ReturnUrl=%2f

[21] Адвалордук эмес тариф – бул баанын же нарктын пайызы менен көрсөтүлбөгөн тариф .

[22] Тизмек алкоголдук суусундуктарды, тамеки буюмдарын, чочконун этин жана башка өнүмдөрдү камтыйт.

[23] АКШ Айыл чарба боюнча департаментинин «Тамак-аш өнүмдөрүнүн жана айыл чарба продукциясынын импортунун эрежелери жана стандарттары жөнүндө отчету»

- UAE.S/GSO 654:2021 «Атайын диеталык тамактануу үчүн таңгакталган тамак-аш азыктарына карата жалпы талаптар» стандартында аныкталган өзгөчө диеталык керектөөлөр үчүн ичилчү суусундуктар.
- UAE.S/GSO 1366:2021 «Атайын медициналык максаттар үчүн тамак-аш азыктарын жүгүртүүгө карата жалпы талаптар» стандартында аныкталгандай медициналык максаттар үчүн ичилчү суусундуктар.

2016-жылы GCC мүчөлөрү кошумча нарк салыгы (КНС) жөнүндө макулдашуу түзүшүп, 2018-жылы БАЭ 5% өлчөмүндөгү КНС киргизген. Ушул салык тамак-аш азыктарын кошуп, көбүнчө товарларга жана кызмат көрсөтүүлөрнө карата колдонулат.

Акциздик жыйым жана КНС жөнүндө кошумча маалыматты төмөнкү шилтемелер боюнча тапса болот:

https://u.ae/en/information-and-services/finance-and-investment/taxation/excise-tax

https://tax.gov.ae/en/taxes/Vat/vat.topics/vat.importer.aspx

## ЖӨНГӨ САЛУУНУН ТАРИФТИК ЭМЕС ЧАРАЛАРЫ

### Техникалык жөнгө салуу жана стандарттар

2020-жылдан тартып **БАЭнин Өнөр жай жана алдыңкы технологиялар министрлиги** (мындан ары – онөр жай министрлиги) [24] стандартташтырууга жана метрологияга байланыштуу маселелер үчүн жооптуу орган болуп саналат. Министрлик GCC Стандартташтыруу боюнча уюмунда (мындан ары – GSO[25]) стандарттарды белгилөө жол-жоболоруна катышат. 2016-жылдан тартып 2021-жылга чейин улуттук деңгээлде Министрлик тарабынан кошумча 6 161 стандарт белгиленген, анын натыйжасында алардын жалпы саны 26 500 түзгөн, мында 2020-жылдын аягында 1 214 техникалык регламент кабыл алынган.

#### *ТАМАК-АШ АЗЫКТАРЫН ЖӨНГӨ САЛУУ*

Тамак-аш азыктарын жөнгө салуу чөйрөсүндөгү мыйзамдар GSO тарабынан белгиленет жана катышуучу мүчө-мамлекеттер тарабынан кабыл алынат. БАЭни кошуп, GCC баардык мүчө-мамлекеттери GSO алкагында түзүлгөн мыйзамдарга кошумча түрдө улуттук тамак-аш мыйзамдарын киргизүүгө укуктуу.

БАЭде бир нече министрликтер жана муниципалдык органдар тамак-аш өнүмдөрүнүн коопсуздугун камсыз кылуу жана айыл чарба товарларынын импортун жөнгө салуу боюнча юрисдикцияны бөлүшүшөт. Федералдык денгээлде **Климаттын жана айлана чөйрөнүн өзгөрүшү боюнча министрлик** (мындан ары – Климат боюнча министрлик) жана Өнөр жай министрлиги тамак-аш өнүмдөрү үчүн мыйзамдарды жана стандарттарды контролдошот. Саламаттыкты сактоо министрлиги жана Тамак-аш жана суу коопсуздугу министрлиги белгилүү эрежелерди жана мыйзамдарды иштеп чыгууга катышат. Ар бир Эмираттардагы муниципалитеттер импорттолуучу жана өндүрүлүүчү өнүмдөр үчүн федералдык эрежелердин администраторлорунун функцияларын аткарышат.

### Санитардык жана фитосанитардык чаралар

**Климат боюнча министрлик** тамак-аш азыктарына байланыштуу маселелер боюнча GSOнун, ошондой эле БАЭнин Тамак-аш өнүмдөрүнүн коопсуздугу боюнча улуттук

[24] БАЭнин Өнөр жай жана алдыңкы технологиялар министрлигинин сайты ОАЭ: https://moiat.gov.ae/en/

[25] GSO – Gulf Standardization Organization. Мындан ары ушул аббревиатура стандарттардын жана регламенттердин номерлөөсүндө кездешет.

комитетинин, жана Эт жана үй канаттуулары маселелери боюнча ветеринардык комитеттин сунуштамаларынын негизинде тамак-аш өнүмдөрүнүн коопсуздугу жөнүндө эрежелерди жана мыйзамдарды белгилөө жана алардын сакталышы үчүн жооп берет. Климат боюнча министрлик ички айыл чарба үчүн ветеринария жана өсүмдүктөрдүн карантини маселелерин жөнгө салат жана тирүү жаныбарларды, айыл чарбалык чийки затты, өсүмдүктөрдү, уруктарды жана балык ресурстарын импорттоо эрежелерин башкарат.

2018-жылы БАЭ Тамак-аш азыктарын аккредитациялоонун жана каттоонун улуттук тутумун ишке киргизген, ушул демилгенин алкагында тамак-аш өнүмдөрүн каттоо үчүн «ZAD»[26] электрондук порталы иштелип чыккан.

## Маркалоого карата талаптар

Продукциянын маркалоосу так, окула турган жана текшерүү жана идентификациялоо үчүн оңой түрдө жеткиликтүү. Ал буюмдун өзүнө, буюмга тагылган этикеткага, товардык жарлыкка, буюмдун таңгагына, буюмдардын тобунун таңгагына же продукцияга тиркелген баракчага басып чыгарылышы мүмкүн.

UAE.S[27] GSO 9:2019 стандарты жана GSO байланышкан стандарттары БАЭде тамак-аш өнүмдөрүн маркалоого карата талаптарды белгилейт. Алар дүң жана чекене жеткирүүлөргө жайылтылат. Экспорттоочулар бажылык жол-жоболоштурууга байланыштуу көйгөйлөргө учурабаш үчүн этикеткага болгон талаптарды сактап, анын тактыгы жана окууга мүмкүн болушу боюнча маалыматты текшериши керек.

UAE.S GSO 2333:2019 жана UAE.S GSO CAC GL 1:2008 стандарттары маркалоодо жана тамак-аш продукциясынын жарнамасында ден-соолук үчүн азыктык баалуулугу жана пайдалуулугу жөнүндө жарыяларга таандык.

Маанилүү учурлар:

Бир эле өнүмдүн ар кандай таңгактары өзүнчө каттоону талап кылат.

Таңгакты, салмакты жана штрих-кодду кошуп, этикеткадагы өзгөртүүлөр кайра баалоону талап кылат.

Дубайда импорттоочулар жергиликтүү керектөө жана реэкспорт үчүн өнүмдөрдү маркалоого уруксат алышы керек.

Импорттоочулар өнүмдөрдү БАЭге ташып кирүүдөн мурда ZAD, FIRS же ZADI порталдары аркылуу этикетканы баалоого арыз бериши керек. Баалоо штрих-код, аталышы, келип чыккан өлкөсү, жарамдуулук мөөнөтү жана башка деталдар сыяктуу өнүм жөнүндө маалыматты камтыйт.

Алгачкы жолу катталып жаткан жана Дубайга ташып кирүүгө дайындалган тамак-аш өнүмдөрү Дубайдын муниципалитетинде лабораториялык сыноолордон өтөт. Тестирлөө өнүмдүн коопсуздугунун тобокелдиктерине жана импорттун жыштыгына негизделет. Эгерде этикеткада белгиленбеген ингредиент же кошумча зат табылган болсо, тамак аш өнүмү четке кагылат.

БАЭнин стандарттарынын көпчүлүгү төмөнкү порталда сатуу үчү жеткиликтүү:

https://eservices.moiat.gov.ae/eservices/custom/purchase-standards

[26] ZAD порталы https://zad.gov.ae

[27] БАЭнин стандарттарын белгилөө

Стандарттар араб жана англис тилдеринде берилген, ал баалар бир тилде бир стандарт үчүн **49 дирхамдан 525 дирхамга** чейин айырмаланат. Ушул публикацияны жарыялоо датасына карата айрым стандарттар акысыз болгон.

GSO төмөнкүдөй техникалык стандарттары БАЭнин эрежелерин изилдөө үчүн пайдалуу маалымдамалык документтер болушу мүмкүн:

- UAE.S/GSO CAC GL 1:2018 «Тамак-аш өнүмдөрү жөнүндө адаштыруучу билдирүүлөр боюнча жалпы колдонмо»
- UAE.S/GSO 839:2021 «Тамак-аш таңгагы – 1-бөлүк: Жалпы талаптар»
- UAE.S/GSO 1863:2021 «Тамак-аш таңгагы – 2-бөлүк: Пластик таңгагы – Жалпы талаптар»
- UAE.S/GSO OIML R 87:2021 «Таңгактагы өнүмдүн саны»
- UAE.S/GSO ISO 1000:2009 «Таңгакталган тамак-аш өнүмдөрү үчүн үлгү алуу ыкмасы».
- UAE.S/GSO 2142:2011 «Генетикалык модификацияланган кайра иштетилген тамак-аш өнүмдөрүнө жана жемдерге карата жалпы талаптар»
- UAE.S/GSO 654:2021 «Атайын диеталык тамактануу үчүн таңгакталган тамак-аш өнүмдөрүнө карата жалпы талаптар»
- UAE.S/GSO 1366:2021 «Атайын медициналык максаттар үчүн колдонулган тамак-аш өнүмдөрүн сатууга карата жалпы талаптар»
- UAE.S/GSO/CAC 107:2007 «Тамак-аш кошулмаларын ошол бойдон сатууда маркалоо»
- UAE.S/GSO 2101:2010 «Белокко бай концентрацияланган тамак-аш кошулмалары»
- UAE.S/GSO 2282:2013 «Адам керектөөсү үчүн чөп осүмдүктөрүн маркалоо»
- UAE.S/GSO 5034:2018 «Светофордун түстөрү түрүндө таңгакталган өнүмдөрдүн тамак-аш баалуулугун маркалоо»
- UAE.S/GSO 2232:2021 «Ичүүчү сууну маркалоо».

## Таңгактоо талаптары

ЭСИҢИЗДЕРДЕ БОЛСУН:

БАЭде тамак-аш өнүмдөрү менен байланышкан материалдарга карата GSOнун 20 ашык эрежелерди камтыган тамак-аш өнүмдөрү үчүн таңгакка жана контейнерлерге карата кеңири тизмеси бар. Тамак-аш өнүмдөрүнүн экспорттоочулары алардын тамак-аш өнүмдөрүнүн таңгагына карата колдонулчу эрежелерди өздөрүнүн кардарлары (импорттоочулары) менен макулдашып алышы керек.

Экспорттоочулар изилдөөгө тийиш болгон стандарттардын тизмеги:

- UAE.S GSO 839:2021 «Тамак-аш таңгагы — 1-бөлүк: Жалпы талаптар», металлды, айнекти, пластикти, кагазды, картонду, көп кабаттуу текстилди жана жыгач пакеттерди кошуп, тамак-аш таңгактары үчүн эрежелерди белгилейт.
- UAE.S GSO 1863:2021 «Тамак-аш таңгагы — 2-бөлүк: Пластик таңгагы. Жалпы талаптар» тамак-аш өнүмдөрү менен байланышкан пластик таңгагына кошумча талаптарды, мисалы, таңгактоочу материалдын массасына карата ар кандай заттардын концентрациясын аныктайт.

Жемиштердин экспорттоочулары төмөнкүлөр менен тааныштырылышы керек:

- GSO 124:1990 «Жаңы жемиштер жана жашылчалар үчүн коробкаларга карата жалпы талаптар».
- UAE.S GSO 2231:2012 «Тамак-аш өнүмдөрү менен байланыш үчүн арналган материалдарга карата жалпы талаптар» стандарттын негизинде тамак-аш өнүмдөрү менен байланышкан материалдарды контролдоо боюнча схемалардын сакталышы үчүн

***ПЛАСТИКТИ КОЛДОНУУ ЖААТЫНДАГЫ САЯСАТ***

2020-жылы Абу-Дабинин Айлана чөйрөнү коргоо боюнча агенттиги экологиялык көйгөйлөрдү чечүү зарылчылыгын таанып, бир жолу колдонулуучу пластикке карата саясатты жарыялаган. Азырынча саясат Абу-Дабиде гана колдонулат, бирок башкалар да пластикке каршы күрөшүү чараларын киргизүүдө. Саясат менен таанышуу үчүн төмөнкү шилтеме боюнча өтсөңүздөр болот:

https://www.ead.gov.ae/en/knowledge-hub/laws-and-policies.

2018-жылдын БАЭнин Интеграцияланган башкаруу жөнүндө федералдык мыйзамы калдыктарды утилизациялоо процессин жөнгө салат. Мыйзам Климат боюнча министрликке ыйгарым укуктуу орган менен макулдашуу боюнча айлана-чөйрөгө зыян келтирген бир жолу колдонулуучу же кыска мөөнөттүү өнүмдөрдү рынокко ташып киргизүүгө же импортоого тыюу салууга, ошондой эле утилизациялоого татаал болгон же утилизациялоодо айлана-чөйрөгө коркунуч келтирген материалдарды колдонууга же импорттоого тыюу салууга мүмкүндүк берет. Мыйзам менен төмөнкү шилтеме боюнча таанышса болот:

https://www.moccae.gov.ae/en/legislations.aspx#page=1

## Өнүмгө карата талаптар

***ТАМАК-АШ КОШУЛМАЛАРЫ***

UAE.S 192:2019, Codex Alimentarius «Товарлар үчүн тамак-аш кошулмаларанын жалпы спецификациясы» стандарты бекитилген тамак-аш кошулмаларын аныктоо боюнча маалымдама болуп саналат.

Экспорттоочулар өздөрүнүн тамак-аш кошулмаларына БАЭнин жактыруусун алып, аны өнүмдүн этикеткасында белгилеши керек. Ушул процесс этикетканы баалоо үчүн онлайн аткарылат.

***ПЕСТИЦИДДЕРДИН КАЛДЫКТАРЫН ЖАНА БАШКА БУЛГООЧУЛАРДЫ ЖӨНГӨ САЛУУ***

Айыл чарба продукциясындагы пестициддер, булгоочулар жана микробиологиялык критерийлер боюнча талаптарды изилдөө үчүн төмөнкүдөй стандарттарды изилдеп чыгуу сунуш кылынат:

- UAE.S MRL 1/2019 «Айыл чарба жана тамак-аш өнүмдөрүндө пестициддердин калдыктарынын камтылышынын максималдуу түрдө жол берилген деңгээлдери».
- UAE.S GSO 2481:2021 «Тамак-аш өнүмдөрүндө ветеринардык препараттардын калдыктарынын камтылышынын максималдуу деңгээлдери»
- UAE.S GSO CAC 193:2021 «Тамак-аш өнүмдөрүндөгү жана жемдердеги булгоочуларга жана токсиндерге карата жалпы стандарт».
- UAE.S GSO 2532:2016 «Органикалык тамак-аш өнүмдөрүндөгү пестициддердин жана булгоочулардын калдыктарынын максималдуу чектери».
- UAE.S GSO 193:2021 «Тамак-аш өнүмдөрүндөгү жана жемдердеги булогоочу заттар жана токсиндер».
- UAE.S GSO 1694:2005 «Тамак-аш гигиенасынын жалпы принциптери».
- UAE.S 1016:2017 «Тамак-аш өнүмдөрүнүн микробиологиялык критерийлери».
- UAE.S/GSO 2483:2021 «Трансмайлуу кислоталар».
- UAE.S/GSO 2359:2014 «Экстракция үчүн эриткичтер жана тамак-аш өнүмдөрүн жана тамак-аш ингредиенттерин өндүрүүдө алардын калдыктарынын камтылышынын чектери».

***ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК УКУКТАРЫН КОРГОО***

Акыркы жылдары БАЭ интеллектуалдык менчикти коргоону күчөтүү жана инновациялар үчүн түрткү берүүчү чөйрөнү түзүү үчүн интеллектуалдык менчиктин режимине бир нече

ченемдик өзгөртүүлөрдү киргизген. 2021-жылы патенттер жөнүндө жаңы мыйзам жана товардык белгилер жөнүндө жаңы мыйзам кабыл алынган, жана БАЭ Товардык белгилерди каттоо жөнүндө Мадрид протоколуна кошулган. Ошондой эле коммерциялык алдамчылык үчүн айыптардын катаалдашы каралган жаңы мыйзам кабыл алынган. БАЭ GCCнин Бирдиктүү патенттик мыйзамын сактайт, ал эми товардык белгилер жөнүндө жаңы мыйзам GCCнин Товардык белгилер жөнүндө мыйзамына ылайык келет. БАЭ Өсүмдүктөрдүн жаңы сортторун коргоо эл аралык бирдигине[28] кирүү ниетин билдирген.

***ИМПОРТТУК ЖОЛ-ЖОБОЛОР***

БАЭде тамак-аш азыктарын ташып кирүүдөн мурда алар ZAD тутумдары же ZADI порталы аркылуу импорттоочу тарабынан катталышы керек. Импорттоочулар системага жеткиликтүүлүк алуу үчүн компаниялардын маалымдарын берип, соода лицензиясын жүктөп, төлөмдү жүргүзүшү керек. FIRS тутумунда импорттоочулар импортко суроо-талаптарды берип, өнүмдөрдү каттап, этикеткаларды баалап жана башка аракеттерди кыла алышат. Өнүмдү каттоодон кийин импорттоочулар этикатканы баалоодон өтөт, жана тиешелүү маалыматты берип, импортко суроо-талаптарды бере алышат. Келген товарлар стандарттарга ылайык келишине текшерилет, бажы алымы төлөнөт жана товарларды чыгаруу жүзөгө ашырылат. Импорттоочулар FIRS тутумун чечимдерге даттануу жана жүктүү кармоо же четке кагуу жөнүндө билдирүүлөрдү алуу үчүн колдоно алышат. Бажылык жол-жоболоштурууну тездетүү үчүн документтерди жергиликтүү тилге которуу талап кылынбайт.

Тиешелүү порталдарга шилтемелер төмөндө берилген:

https://zad.gov.ae/Account/Login?ReturnUrl=%2F

https://www.dubaitrade.ae/en/zadi

## 3-БӨЛҮМ: НЕГИЗГИ ЭКСПОРТТУК СЕКТОРЛОРДУ ТАЛДОО

Экспортту көбөйтүү боюнча өлкөнүн артыкчылыктарына ылайык келүүнү камсыз кылуу үчүн ушул жол көрсөткүчтүн алкагында төмөнкүдөй товардык топтор үчүн потенциал талданып чыгат:

- Эт продукциясы – ТЭИ ТН 02-бөлүгү.
- Балык продукциясы – раздел ТЭИ ТН 03-бөлүгү.
- Балды кошуп, сүт продукциясы – ТЭИ ТН 04-бөлүгү.
- Жаңы жана кайра иштетилген өсүмдүк продукциясы – ТЭИ ТН 07 жана 08-бөлүктөрү.
- Алкоголсуз суусундуктар – ТЭИ ТН 02-бөлүктөрүнөн 20 жана 22-бөлүктөрүнөн өзүнчө товардык позициялар.
- Текстиль жана тигүү продукциясы – ТЭИ ТН 50 жана 67-бөлүктөрү.

2022-жылы БАЭ товар жүгүртүүнүн көлөмү боюнча КРнын өнөктөш-мамлекеттеринин ичинен 9-орунга ээ болгон – 125,7 млн. АКШ долл. Былтыркы жылдын көрсөткүчтөрүнөн 80,3%га көбөйүү. Өз ара сооданын өсүшү экспорттун 84%га жана импорттун 65%га көбөйүшүнүн эсебинен болгон.

**6-таблица. КРнын тышкы соода жүгүртүүсү, млн. АКШ долл.**

| Өнөктөш-өлкөлөр | Товар жүгүртүүсү | Экспорт | Импорт | Сальдо |
|---|---|---|---|---|
| **Кытай** | 4 130 269 | 60 800 | 4 069 468 | -4 008 668 |
| **Россия** | 3 234 563 | 963 624 | 2 270 939 | -1 307 315 |
| **Казакстан** | 1 188 042 | 438 179 | 749 863 | -311 684 |

[28] ДСУ.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Түркия** | 628 926 | 140 674 | 488 252 | -347 577 |
| **Өзбекстан** | 599 254 | 236 647 | 362 608 | -125 961 |
| **АКШ** | 246 834 | 4 820 | 242 014 | -237 193 |
| **Германия** | 180 424 | 15 797 | 164 627 | -148 830 |
| **Корея Республикасы** | 157 598 | 1 059 | 156 538 | -155 479 |
| ***БАЭ*** | ***125 739*** | ***101 003*** | ***24 736*** | ***76 267*** |
| **Индия** | 117 869 | 10 478 | 107 390 | -96 912 |

*Булак: КРнын Улутстаткому*

2022-жылы экспортто 2021-жылга салыштырмалуу 85%дык өсүү болуп, 100,8 млн. АКШ долларына жеткен. Өсүүнүн жогору көрсөткүчтөрүнө карабастан, салттуу рыноктордогу экспорттун көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу экспорттун төмөн деңгээлин эсепке алуу керек.

## КЫРГЫЗСТАНДАН ЭМИРАТТАРГА ЭКПОРТТООНУН ПОТЕНЦИАЛДУУ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ

Азыркы учурда БАЭ КРсы үчүн салттуу рынок болуп саналбайт, жана экспорт майда партиялуу болуп саналат, же болбосо туруктуу эмес мүнөздө болот (мисалы, көргөзмөлөргө үлгүлөрдү жөнөтүү). Бул рынок КРнын экспорттоочулары тарабынан деталдуу изилденүү үчүн келечектүү рынок катары каралат. Талдоо үчүн бир нече критерийлер колдонулган:

- 5 жылдык мезгил ичинде КРнан БАЭге экспорттун бар болушу;
- 5 жылдык мезгил ичинде КРнын экспортунун абсолюттук көлөмдөрү;
- Салыштырмалуу атаандаштык артыкчылыгынын көрсөткүчү (RCA) 0,50 көп;
- 2022-жыл үчүн БАЭнин ипортунун өсүшүнүн көрсөткүчтөрү;
- акыркы жыл үчүн БАЭнин ипортунун өсүшүнүн көрсөткүчтөрү (анткени пандемия үчүн 5 жыл үчүн статистика төмөндөтүлгөн болушу мүмкүн).

**7-таблица. БАЭге экспорттоо үчүн потенциалдуу товардык позициялардын талдоосу**

| ТЭИ ТН коду | Товардын аталышы | 2018-2022-жж. БАЭге КРнын экспорту | 2018-2022 жж. КРнын экспорту (баардыгы) | RCA (2018-2022) | 2022-жылдагы БАЭнин импорту (баардыгы) | 2018-2022-жылдар үчүн БАЭнин импортунун орточо жылдык өсүшү | 2022-жыл үчүн БАЭнин импортунун орточо жылдык өсүшү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **'0204** | Жаңы, муздатылган же тоңдурулган койдун же эчкинин эти | 1 541 | 9 325 | 2,38 | 294 254 | 1% | 11% |
| **'0302** | Балык филесинен жана 0304 товардык позициянын балык этинен тышкары тоңдурулган балык: | 1 | 10 108 | 0,96 | 109 513 | 4% | 20% |
| **'0303** | Балык филесинен жана 0304 товардык позициянын балык этинен тышкары тоңдурулган балык | 1 | 32 978 | 2,84 | 71 802 | 12% | 16% |
| **'0402** | Коютулган же кант же башка татуу кылуучу заттар кошулган сүт же кам каймак | 24 | 46 784 | 4,54 | 590 992 | 7% | 10% |
| **'0403** | Йогурт; пахта, уюган сүт | 21 | 27 601 | 12,64 | 23 862 | 4% | 12% |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | же кам каймак, айран жана башка ферменттелген же ачытылган, коютулган же коютулган эмес сүт же кам каймак … | | | | | | |
| **'0409** | Накта бал | 794 | 8 050 | 7,20 | 18 059 | 9% | -15% |
| **'0702** | Жаңы же муздатылган томаттар | 2 | 2 745 | 0,58 | 25 953 | -22% | -19% |
| **'0703** | Баш пияз, шалот пияз, сарымсак, порей-пияз жана башка пияз жашылчалары, жаңы же муздатылган | 121 | 18 352 | 5,52 | 106 721 | 17% | 19% |
| **'0704** | Тоголок капуста, түстүү капуста, кольраби, жалбырактуу капуста жана ушул сыяктуу жегенге жарамдуу жашылчалар**...** | 7 | 5 027 | 2,93 | 7 756 | -17% | -38% |
| **'0706** | Саабиз, шалкан, ашкана кызылчасы, туздоо, сельдерей тамыры, чамгыр жана башка ушул сыяктуу**...** | 7 | 11 136 | 11,37 | 44 406 | 3% | 0% |
| **'0712** | Кургатылган, бүтүн, бөлүктөргө, тилимдерге кесилген, майдаланган же порошок түрүндөгү жашылчалар, бирок **...** | 155 | 2 278 | 1,10 | 4 762 | -9% | -3% |
| **'0713** | Кургатылган, тазаланган, урук терисинен тазаланган же тазаланбаган , чагылган же чагылбаган буурчак жашылчалары | 45 | 346 961 | 64,63 | 425 667 | 21% | 3% |
| **'0802** | Жаңы же кургатылган, кабыгынан тазаланган же тазаланбаган, кабыгы менен же кабыгы жок башка жаңгактар**...** | 772 | 47 727 | 5,30 | 693 822 | 11% | 27% |
| **'0809** | Өрүктөр, алча жана гилас, шабдалылар (нектариндерди кошуп), кара өрүктөр жана терн, жаңы | 13 | 27 560 | 7,83 | 48 752 | 10% | -8% |
| **'0811** | Кайнаган сууга же бууга жылуулук менен иштетилген же иштетилген эмес, **...** | 8 | 1 774 | 0,63 | 13 080 | 9% | 14% |
| **'0813** | 0801-0806 товардык позициялардын жемиштеринен тышкары кургатылган жемиштер; жаңгактардын же кургатылган жемиштердин аралашмалары **...** | 93 | 118 787 | 97,13 | 13 837 | 11% | 34% |
| **'5201** | Пахта буласы, тытылган эмес | 400 | 171 312 | 21,64 | 9 583 | 8% | -16% |
| **'5209** | 85% же андан көп пахта буласын камтыган пахта кездемелери, бетинин тыгыздыгы менен**...** | 2 | 48 526 | 16,79 | 17 237 | 7% | 71% |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **'6105** | Машинага же колго токулган трикотаж көйнөйтөр, эркектер же балдар үчүн | 1 | 18 023 | 4,71 | 64 383 | 10% | 53% |
| **'6109** | Майкалар, жеңдери бар фуфайкалар жана машинага же колго токулган трикотаж денеге кийилүүчү башка фуфайкалар | 56 | 17 250 | 0,76 | 495 486 | 20% | 32% |
| **'6110** | Свитерлер, пуловерлер, кардигандар, жилеттер жана машинага же колго токулган ушул сыяктуу трикотаж буюмдар **...** | 2 | 72 034 | 2,55 | 400 908 | 16% | 1% |
| **'6112** | Машинага же колго токулган трикотаж спорт, лыжа костюмдары жана сууга түшүү үчүн костюмдар | 44 | 6 989 | 2,69 | 44 112 | 15% | 45% |
| **'6117** | Машинага же колго токулган трикотаж кийим шаймандары, даяр башка, кийимдин бөлүктөрү **...** | 1 | 8 418 | 5,22 | 47 283 | 9% | 15% |
| **'6203** | Костюмдар, комплекттер, пиджактар, блейзерлер, шымдар, боору бар жана лямкалары бар комбинезондор, бриджилар**...** | 33 | 18 221 | 0,80 | 301 814 | -11% | 22% |
| **'6205** | Эркектердин көйнөктөрү же балдар үчүн | 5 | 12 896 | 2,18 | 86 016 | -7% | 30% |
| **'6214** | Шальдар, шарфтар, кашне, мантильялар, вуальдар жана ушул сыяктуу буюмдар | 6 | 3 935 | 2,28 | 111 879 | 3% | 6% |
| **'6405** | Башка бут кийим | 1 | 3 403 | 2,10 | 55 113 | 14% | 51% |
| **'6504** | Шляпалар жана башка баш кийимдер, өрүлгөн же кандай болбосун…жасалган тилкелерди бириктирүү менен жасалган …**...** | 1 | 535 | 2,68 | 3 088 | 14% | 7% |
| **'6505** | Машинага же колго токулган трикотаж шляпалар же башка баш кийимдер, же… жасалган | 2 | 9 148 | 3,10 | 45 672 | 10% | 18% |

*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

Талдоонун негизинде мындан ары талдоо үчүн товардык позициялар тандалып алынган (7-таблицаны караңыз). Ушул товардык позициялар менен катар ушул сыяктуу товардык топтордон жаңы товарларды чыгаруу мүмкүнчүлүгүн кароо керек (мисалы, «Эт» товардык тобунан параллелдүү түрдө тоок этин жана субөнүмдөрдү экспорттоо мүмкүнчүлүгүн изилдесе болот).


Рынокту талдоо рыноктун көлөмүнүн төмөнкүдөй көрсөткүчтөрүн камтыйт: сатуулардын динамикасын жана болжолун, сатуулардын каналдары боюнча түзүмүн (электрондук коммерциянын серебин кошуп), керектөөчүлөрдүн өзгөчөлүктөрүн жана артыкчылыктарын, таңгактоо тенденцияларынын серебин.

## ЭТ РЫНОГУН ТАЛДОО

2022-жылы БАЭнин эт рыногундагы сатуулар 6%га өсүп, 480 миң тоннага жеткен. Сатуулардын болжолу 5%дык орточо өсүүнү жана 2027-жылы 616 миң тоннаны көрсөтөт. Эт рыногунда басымдуулук кылган жана туруктуу өсүп жаткан позиция болуп үй канаттууларынын эти саналат, ал сатуулардын физикалык көлөмүнөн 66%ды түзөт, экинчи орунда «койдун жана эчкинин эти» турат – 20% жана үчүнчү орунда «уйдун эти жана буйволдун эти» турат – 10,6%[29].

Кыргызстан койдун этин экспорттогондуктан, ушул багытты мындан ары да өнүктүрүү зарыл, анткени сатуулардын ар жылдык өсүшү 5 миң тоннаны түзүп, 2027-жылга чейин 119 миң тоннага жетери күтүлүүдө.


**15-сүрөт. БАЭде эт сатуунун динамикасы жана болжолу, миң тонна**




*Булак: © Euromonitor International*

Кой менен эчкинин этин сатуу каналдарын карай турган болсок, 2022-жылы коомдук тамактануу тармактары 48,7 миң тонна же 58,3% керектесе, чекене сатууга 40,3 миң тонна же 41,7% туура келген.

**16-сүрөт. БАЭде козу жана эчкинин этин сатуу каналдары, миң тонна**




*Булак: © Euromonitor International*

Коомдук тамактануу жайларындагы соода-сатык 2022-жылы социалдык чектөөлөр алынгандан кийин калыбына келди. Мындан тышкары, келген туристтер жана жергиликтүү калк пандемиянын кесепети болгон изоляциядан чыгууга жана баарлашуу үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрдү колдонууга аракет кылып жатышты. Бул факторлордун баардыгы коомдук тамактануу тармагындагы эт сатуу көлөмүнүн мындан аркы өсүшүнө түрткү болору күтүлүүдө. Керектөөчүлөр мурдагыдай эле жаныбар белогуна артыкчылык беришкендиктен, эт сатуу 2022-жылы өсө бериши керек. Электрондук коммерциянын маанилүү позицияны ээлегенине карабастан, керектөөчүлөрдүн жүрүм-турумунан заманбап чекене дүкөндөрдөн жаңы союлган малдын этин сатып алууга артыкчылык берери байкалат. Керектөөчүлөр

[29] *Euromonitor International*, 2023.

«акыркы миля»[30] этабында эт продукциясынын температуралык режиминин сакталыш шарттарынан күмөн санашат.

**8-таблица. 2022-жылы өлкөлөр жана товардык позициялар боюнча БАЭнин эт импорту[31]**

| ТЭИ ТН коду | Товардык позиция | Импорттун көлөмү, АКШ млн. Долл. | Жеткирип берүүчү ТОП-3 өлкө | Импорттогу үлүшү |
|---|---|---|---|---|
| **0207** | 0105 товардык позицияда көрсөтүлгөн үй канаттууларынын эти жана субөнүмдөрү, жаңы, муздатылган | 1091,9 | Бразилия | 87 % |
| | | | АКШ | 5 % |
| | | | Украина | 4 % |
| **0204** | Жаңы союлган койдун же эчкинин эти, муздатылган же тоңдурулган | 294,3 | Австралия | 58 % |
| | | | Эфиопия | 17 % |
| | | | Кения | 16 % |
| **0202** | Бодо малдын эти, тоңдурулган | 285,5 | Бразилия | 69 % |
| | | | АКШ | 16 % |
| | | | Австралия | 7 % |
| **0201** | Бодо малдын эти, жаңы же муздатылган | 255,1 | Австралия | 45 % |
| | | | Бразилия | 25 % |
| | | | АКШ | 10 % |

*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

2022-жылы БАЭ 2 млрд АКШ долларына эт импорттогон, анын 1,09 млрд долларына Бразилиядан (87%) жана АКШдан (4,9%) үй канаттууларынын эти келген. Экинчи орунда 294 млн АКШ долларына алынган кой жана эчкинин эти турат, ал эми бул эттин негизги жеткирүүчүлөрү: Австралия (58%), Эфиопия (17%) жана Кения (16%).

Кыргыз Республикасынын экспорттоочулары үчүн рыноктун өсүү көрсөткүчтөрүн жана өзгөчөлүктөрүн эске алуу маанилүү. 2018-2022-жылдар аралыгында эт импортунун орточо жылдык көрсөткүчү 7% өссө, ал эми 2022-жылы бул көрсөткүч абдан эле жогорулап, 22% жеткен. Мындай өсүш дүйнөлүк инфляция жана эттин баасынын көтөрүлүшү менен байланыштуу болушу мүмкүн.

***КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКСПОРТТУК ДАРАМЕТИ***

КР экспорттоочулары “Козунун жаңы союлган же тоңдурулган бүтүн жана жарым эти” подпозициясына көңүл бурушу керек. Импорт 2022-жылы 65,5 млн АКШ долларын түзгөн. Акыркы 5 жылдагы терс динамикага карабастан, биздин экспорттоочулар экспорттук мүмкүнчүлүктөрдү кылдат изилдеп, муздатылган эт логистикасын өнүктүрүүсү керек. Акыркы 5 жылда Кыргызстандан кой этинин максималдуу жалпы экспорту 822 тоннаны, ал эми 2022-жылы 179 тоннаны түздү.

Кыргызстан өз тарыхында үй канаттууларынын этин экспорттоочу өлкө болгон эмес, бирок 2022-жылы “0207 үй канаттууларынын эти жана субөнүмдөрү” позициясынын экспорту 2,5 млн АКШ долларын түзгөн. КР экспортунун географиясына ЕАЭБ өлкөлөрү кирет, бирок келечекте экспортту диверсификациялоо максатында айрым позициялар үчүн БАЭ рыногуна көңүл буруу керек.

[30] «Акыркы миля» — бул жеткирип берүү чынжырчасынын жыйынтыктоочу этабын билдирүүдө колдонулуучу термин. Анын мааниси – товарды кампадан же бөлүштүрүүчү борбордон акыркы алуучу болуп саналган сатып алуучуга же дүкөнгө жеткирип берүү.


[31] Эскертүү. Талдоо рыноктун эттин түрлөрү боюнча түзүлүшүн түшүнүү үчүн, ТЭИ ТН кодунун 4 цифрасынын негизинде жүргүзүлгөн. Мисалы, субпозицияларга бөлүү жаныбардын этин жиликтеп, баш-шыйрагын ж.б. өзүнчө бөлөт.

Акыркы жылдары (2020-жылды кошпогондо) БАЭге кой этин сатуу тынымсыз өсүп, 2023-2027-жылдар аралыгында бул өсүштүн орточо жылдык темпи 5% жетери болжолдонууда. Калктын өсүшү, кирешесинин көбөйүшү жана туризм кой этине болгон суроо-талапты күчөтөрү күтүлүүдө. Суроо-талап менен сунуштун ортосундагы чоң ажырым рынокту жагымдуу кылат (делает привлекательным).

## БАЛЫК ПРОДУКЦИЯСЫНЫН РЫНОГУН ТАЛДОО

БАЭ рыногунда форель балыгынын аз сатылышына карабастан, бул талдоо форель продукциясынын рынок мүмкүнчүлүктөрүн жана Эжигейтка чыгуусунун потенциалдуу стратегияларын түшүнүү үчүн пайдалуу болот.


**17-сүрөт. БАЭде балык жана деңиз азыктарын сатуу динамикасы жана болжолу**




*Булак: © Euromonitor International*

БАЭнин балык базарында сатык 2022-жылы 4,7% өсүп, 201 миң тоннага жетти. Бул көрсөткүчтүн орточо жылдык өсүшү 2027-жылы 4,5% же 246 миң тоннага жетери күтүлүүдө. Бул тармактын 90%дан ашыгын балык сатуу ээлейт[32].

**18-сүрөт. БАЭ “Балык” сатуу каналдары, миң тонна**




*Булак: © Euromonitor International*

Ар кандай балык сатуу каналдары аркылуу сатууну карай турган болсок, 2022-жылы коомдук тамактануу тармактары 153 миң тонна же 76,2% балык керектесе, чекене сатуулга 47,8 миң тонна же 23,8% туура келген.

2020-жылы коомдук тамактануу каналдарынын жабылышы балык жана деңиз азыктарын керектөөнүн азайышына алып келди. Чекене сооданын кайра жандана тургандыгы, айрыкча ак эттүү балык категориясындагы майсыз белоктун булагы болгон тилапия, алабуга (окунь) жана деңиз алабугасы сыяктуу балыктардын сатыгы жандана тургандыгы күтүлүүдө.

Премиалдык сегменттеги органикалык жаңы деңиз азыктарына болгон суроо-талаптын өсүшү да бул азыктардын сатыгын жана популярдуулугун жогорулатууга түрткү берет.

[32] *Euromonitor International*, 2023.

Жалпысынан алганда, 2022-жылы кымбат баалуу импорттук балыктын ордуна деңиз продукциясынын арзан сортторуна негизделген жергиликтүү өндүрүштө бул категорияда күчтүү өсүш күтүлөт.

**9-таблица. 2022-жылы өлкөлөр жана товардык позициялар боюнча БАЭнин балык импорту**

| ТЭИ ТН коду | Товардык позиция | Импорттун көлөмү, АКШ млн долл | Жеткирип берүүчү ТОП-3 өлкө | Импорттогу үлүшү |
|---|---|---|---|---|
| **030214** | Жаңы же муздатылган "salmo salar" атлантикалык лососу жана "hucho hucho" дунай лососу | 65 | Норвегия | 94 % |
| | | | Улуу Британия | 5 % |
| | | | Ирландия | 1 % |
| **030389** | Тоңдурулган башка балыктар | 26,7 | Мьянма | 57 % |
| | | | Акш | 16 % |
| | | | Тайвань (КНР) | 8 % |
| **030313** | Атлантикалык лосось (salmo salar) жана дунай лососу (hucho hucho), тоңдурулган | 22 | Чили | 67 % |
| | | | Норвегия | 23 % |
| | | | Дания | 9 % |
| **030284** | Жаңы же муздатылган лаврак (dicentrarchus spp.) | 16,8 | Түркия | 78 % |
| | | | Греция | 13 % |
| | | | Испания | 7 % |
| **030481** | Тынч океан лососунун, атлантика лососунун (salmo salar) жана дунай лососунун (hucho) сулп эти, тоңдурулган | 6,5 | Чили | 39 % |
| | | | Норвегия | 34 % |
| | | | Дания | 15 % |
| **030211** | Жаңы же муздатылган форель (salmo trutta, oncorhynchus mykkis, oncorhynchus clarki, oncorhynchus | 1,7 | Норвегия | 58 % |
| | | | Улуу Британия | 40 % |
| | | | Нидерланд | 1 % |
| **030314** | Форель (salmo trutta, oncorhynchus mykiss, oncorhynchus clarki, oncorhynchus aguabonita, oncorhynchus | 0,2 | Улуу Британия | 86 % |
| | | | Түркия | 7 % |
| | | | Сингапур | 7 % |

*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

2022-жылы БАЭ 323,1 млн АКШ долларына балык жана деңиз азыктарын импорттогон, анын ичинен “0302 жаңы же муздатылган балык”, “0303 Тоңдурулган балык” жана “0304 Балыктын сулп эти жана башка балыктардын эти” товардык позициялары боюнча 202,1 млн АКШ долларына же 63% импорттолгон. Лосось балыгынын негизги өндүрүп жеткирүүчүлөрү: Норвегия, Чили, Улуу Британия.

***Кыргызстандын экспорттук дарамети***

КР экспорттоочулары форель балыгынын керектелишине кеңири талдоо жүргүзүүлөрү зарыл.

Дүйнөлүк инфляцияны жана европалык жеткирүүчүлөрдүн балык продукциясынын баасынын өсүп кетүү болжолун эске алуу менен, БАЭ рыногуна баасы жана сапаты жагынан оптималдуу нарк сунушу менен кирүү мүмкүнчүлүгү бар.

БАЭнин форель жана филе импортунун товардык түзүмүнө таянсак, бул рынок КР экспорттоочулары үчүн абдан жагат, бирок бул сектор географиялык диверсификацияны жана рыноктун жаңы мүмкүнчүлүктөрүн издөөнү талап кылат.

## СҮТ РЫНОГУН ТАЛДОО

Кыргызстандын экспорттук түзүмүн, ошондой эле БАЭ рыногунун алыстыгын эске алуу менен бул сереп салууда (серепте) сактоо мөөнөтү кыска сүт азыктары каралбайт. Мындай азыктарга сүт, каймак, айран жана йогурт кирет. Бул позициялар боюнча орточо экспорттук аралык, алардын өзгөчөлүктөрүн жана узак убакыт бою ташуу мүмкүн эместигин эске алуу


менен, учурда 500-700 км түзөт. Талдоо үчүн "Эжигей жана быштак" жана "ак май" деген 2 позиция каралат.

## Эжигей рыногу

БАЭ эжигей рыногунда чекене сатуу 2022-жылы 7% га (учурдагы баалар боюнча) өсүп, 1,2 миллиард дирхамга (333,7 млн АКШ долларына) жетти. 2027-жылы сатыктын орточо жылдык өсүшү 6,8% же 1.6 млрд дирхамга (446,5 млн долларга) жетери болжолдонууда.[33] Эжигейдин эки түрү рыноктун 2/3 бөлүгүнүн көбүн ээлейт: булар – катуу эжигейлер (32,9%) жана сүйкөөчү эжигейлер (31,9%).

Эжигей сатуунун физикалык көлөмү 2022-жылы 67,65 миң тоннага жетип, 2028-жылга карата 82 миң тоннага жетиши болжолдонууда. 2022-жылы 1 кг эжигейдин орточо баасы 11,2 АКШ долларын түзгөн[34].


**19- сүрөт. БАЭде эжигей сатуунун динамикасы жана болжолу**




*Булак: © Euromonitor International*

Эжигей сатуу каналдары боюнча сатуу түзүмүн карай турган болсок, 2022-жылы чекене түрдө 26,3 миң тонна же 65,4% эжигей сатылса, коомдук тамактануу тармактары 13,9 миң тоннаны же 34,6% эжигейди керектеген.

**19-сүрөт. БАЭдеги “Эжигейлер” сатуу каналдары, миң тонн**




*Булак: © Euromonitor International*

Бүгүнкү күндө Кыргызстан эжигейди ЕАЭБ өлкөлөрүнө гана экспорттоп, азырынча БАЭге экспорттой элек. Бирок экспортту диверсификациялоо максатында өндүрүүчүлөр бул рынокту изилдеши керек. БАЭ эжигей рыногу жылдык сатыгы болжол менен 20 млн АКШ долларын түзүп, 2027-жылга карата 446,5 миллион долларга жетери болжолдонгон өнүгүп келе жаткан рынок болуп саналат.

[33] *Euromonitor International*, 2023.

[34] *Statista*, 2023.

Инфляциянын күтүлүшүнөн жана таза кирешенин төмөндөөрү тууралуу божомолдордон улам керектөөчүлөргө эжигей азыктарын сатып алууга мүмкүндүк берүү үчүн, эжигейдин тышкы кабынын көлөмү өзгөрөрү күтүлүүдө.

Керектөөчүлөрдүн көбү кеңселерде иштеп баштагандыктан, алардын үйдө тамак жасаганга убакытылары барган сайын азая баштады. Натыйжада, керектөөчүлөр үй-бүлөсү үчүн эртең мененки тамакты же шам-шум эткенге тез бир нерсе даярдай салууга мүмкүндүк берүүчү ыңгайлуу чекене эжигей таңгактарын тандап жатышат. Электрондук коммерция каналдары аркылуу эжигей сатуу, айрыкча *q-commerce*[35] өстү.

**10-Таблица. 2022-жылы өлкөлөр жана товардык позициялар боюнча БАЭнин эжигей импорту**

| ТЭИ ТН коду | Товардык позиция | Импорттун көлөмү, млн АКШ долл | Жеткирип берүүчү ТОП-3 өлкө | Импорттогу үлүшү |
|---|---|---|---|---|
| **040690** | Башка эжигейлер | 102,6 | Франция | 15 % |
| | | | Италия | 13 % |
| | | | Ирландия | 11 % |
| **040610** | Жаңы эжигейлер (жетиле элек), аны менен бирге сары суу-альбумин эжигейлери жана быштак | 58,8 | Германия | 20 % |
| | | | АКШ | 20 % |
| | | | Түркия | 12 % |
| **040620** | Бардык сорттогу майдаланган же үбөлөнгөн эжигейлер | 38,5 | АКШ | 42 % |
| | | | Жаңы Зеландия | 30 % |
| | | | Түркия | 14 % |
| **040630** | Эритилген, майдаланбаган жана үбөлөнбөгөн эжигейлер | 32,9 | Польша | 14 % |
| | | | Түркия | 14 % |
| | | | Египет | 13 % |

*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

Кыргызстандык экспортчулар БАЭде өнөктөштөрдү тандоону пландаштырып жатканда, тармакта болуп жаткан өзгөрүүлөргө, мисалы, БАЭде эжигей сатыгын көбөйтүүгө мүмкүндүк берүүчү жаңы азыктардын пайда болушуна көңүл буруусу зарыл. Азыр Түштүк Азиянын эң чоң максаттуу аудиториясы үчүн жаңы продукт – эртең мененки жана түшкү тамакка жегенге даяр эжигей кошулуп тоңдурулган *параталар*[36] бренди тренд боло баштаганы байкалууда. Сүт жана аны менен бирге эжигей продукциясынын кеңири портфелине ээ көптөгөн ири ишкер топтору бул жаңы иштелмелерге кызыгуу менен көз салып турушат.

2022-жылы БАЭ 234 млн АКШ долларына эжигей импорттогон, анын 103 млн доллары башка Эжигейлерга жумшалган. Экинчи орунда жетиле элек жаңы эжигейлер туруп, аларга 59 млн доллар сарпталган.

КР экспорттоочулары үчүн өсүш көрсөткүчтөрүн жана рыноктун өзгөчөлүктөрүн эске алуу маанилүү. Эжигей импортунун 2018-2022-жылдар аралыгындагы орточо жылдык өсүш көрсөткүчү 5% болсо, дүйнөлүк инфляция менен шартталган 2022-жылы 20% түзгөн.

## Ак май рыногу


БАЭнин ак май рыногунда 2022-жылы чекене сатык 8,2% (учурдагы баалар боюнча) өсүп, 196, 1 млн дирхамга (53 млн АКШ долларына) жеткен.  Сатык божомолу боюнча 2027-жылы

[35] Q-commerce (quick commerce) – ыкчам коммерция. Буюртмалар 30-60 мүнөттүн ичинде жеткирилет.

[36] Сыр кошулган парата – бул бүтүн дан унунан ачытылбай жасалып, ичине чеддер сыры пияз, жашыл чили жана кара калемпир салынган даамдуу токочтор. Сыр кошулган бул нанды эртең менен же түшкүсүн жегенге өтө ылайыктуу.

жылдык орточо көрсөткүч 6,2% өсүү же 253, 3 млн дирхамга (69 млн АКШ долларына) жетери болжолдонууда[37].


**20-сүрөт. БАЭде ак майды сатуунун динамикасы жана болжолу**




*Булак: © Euromonitor International*

2022-жылы ак майды сатуунун физикалык көлөмү 8,45 миң тоннаны түзүп, 2028-жылга карата 11,46 миң тоннага жетиши болжолдонууда. 2022-жылы ак майдын орточо баасы 9,56 АКШ долларын түздү. Ак май май жана спред рыногунун 60% ээлейт.

**21-сүрөт. БАЭнин "Ак май" сатуу каналдары, миң тонна**




*Булак: © Euromonitor International*

Бүгүнкү күндө Кыргызстан ак майды ЕАЭБ өлкөлөрүнө экспорттоп, ал эми БАЭге экспорттой элек. БАЭ ак май рыногу жылдык сатыгы болжол менен 3 млн АКШ долларын түзүп, 2027-жылга карата 69,5 миллион долларга жетери болжолдонгон өнүгүп келе жаткан рынок болуп саналат.

2022-жылы ак майды сатуу каналдары төмөнкүдөй бөлүндү: чекене сатууга 4,1 миң тонна же 80,4%, ал эми коомдук тамактануу тармактарына 1 миң тонна же 19,6% туура келди.

Ковиддик чектөөлөр алынып салынганына жана үй шартында тамак бышыруу жана нан бышыруу көлөмү кескин азайганына карабастан, май жана спреддерди сатуу өсүүдө. Ошондой эле инфляциянын калктын колдогу кирешесине тийгизген таасири май жана спред сатуунун өсүшүнө алып келди. Бул дээрлик эки жылдык локдаундан кийин керектөөчүлөр кадимки социалдашууга кайтууну каалашкандыгы менен түшүндүрүлөт. Бул элдин кеңселердин жанындагы кофейняларга, автострадалардагы же турак үйлөрдүн жанындагы жергиликтүү кафе-ресторандарга барып тамактануусунан көрүнөт.

Кыргызстандын экспорттоочулары ак май рыногуна чыгууну пландаштырууда ар кандай керектөө сегменттерин изилдөөлөрү зарыл, мисалы, ак май сатуунун лидери болуп тузсуз майды, ошондой эле туздалган ак май саткан индиялык Arla's Lurpak компаниясы (анын керектөөчүлөрү – Индиядан келген иммигранттар) саналат[38].

[37] *Euromonitor International*, 2023.

[38] *Euromonitor International*, 2023.

**11-таблица. 2022-жылы өлкөлөр боюнча БАЭнин ак май импорту**

| ТЭИ ТН коду | Товардык позиция | Импорттун көлөмү, млн АКШ долл | Жеткирип берүүчү ТОП-3 өлкө | Импорттогу үлүшү |
|---|---|---|---|---|
| **040510** | Ак май | 67,6 | Дания | 35 % |
| | | | Жаңы Зеландия | 28 % |
| | | | Франция | 22 % |

*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

2022-жылы БАЭ 67,6 млн долларлык ак май импорттогон.

Экспортчулар өсүү темптерин жана рыноктун өзгөчөлүктөрүн изилдеши керек. Ак майдын импортунун 2018-2022-жылдардагы орточо жылдык өсүшү -14% терс көрсөткүчтө болгон, ошону менен бирге 2022-жылы импорт 46%га кескин өскөндүгү байкалган.

***Кыргызстандын экспорттук ДАРАМЕТИ***


БАЭнин эжигей жана ак май импортунун товардык түзүмүнөн улам КР экспорттоочуларын "ак май" жана "башка эжигейлер" субпозициялары кызыктырышы мүмкүн. Башка эжигейлер акыркы 5 жылда оң динамикасын көрсөтүп жатат, ошондуктан биздин экспорттоочулар экспорттук мүмкүнчүлүктөрдү кылдат изилдеп, логистиканы өнүктүрүүсү керек. Кыргызстан башка эжигейлерди 2017-жылы максималдуу 5154 тонна, ал эми 2022-жылы 2385 тонна экспорттогон. 5 жыл ичинде импорттун азайганына карабастан, чекене сатуунун көрсөткүчтөрү өсүүдө. Кыргызстан ак майды 2020-жылы 5 миң тонна экспорттоп, эң чоң көрсөткүчкө жетсе, 2022-жылы 4,7 миң тонна экспорттогон.

БАЭде эжигей менен ак майдын чекене сатыгы акыркы жылдары (2020-жылды кошпогондо) тынымсыз өсүүдө жана 2023-2027-жылдар аралыгында жылдык орточо өсүш темпи 5% (эжигей) жана 6% (ак май) жетиши күтүлүүдө. Калктын өсүшү, экономикалык туруктуулук жана колдо болгон кирешенин өсүшү БАЭ рыногун жагымдуу кылат. Экспорттоочулар кургактагы транспорттун логистикасын, мүмкүн болгон дистрибуция каналдарын ойлонуштурушу керек, потенциалдуу өнөктөштөр үчүн баалуу сунуштарды даярдап, андан соң экспорттук сатууну пландаштырышы керек.

## БАЛ РЫНОГУН ТАЛДОО

БАЭ рыногунда балдын чекене сатыгы 2022-жылы 7,1%га (учурдагы баалар боюнча) өсүп, 160,2 млн дирхамга (44 млн АКШ долларына) жеткен. Сатуу болжолу боюнча, 2027-жылы жылдык орточо өсүш 5,6% же 210,7 млн дирхамга (57 млн АКШ долларына) жетиши божомолдонууда[39]. Бал таттуу спред рыногунун шоколад спрединен (41,3%) кийинки эле 31,6% ээлейт.

**22-сүрөт. БАЭде таттуу спреддерди сатуу динамикасы жана болжолу**




[39] *Euromonitor International*, 2023.


*Булак: © Euromonitor International*

2022-жылы бал сатуунун физикалык көлөмү 2,4 миң тоннаны түздү, анын 87,5% чекене тармактар аркылуу, 12,5% коомдук тамактануу тармактары аркылуу сатылган. Божомолдор боюнча, 2027-жылга карата сатык көлөмү 2,9 миң тоннага жетиши мүмкүн.

Бал таттуу даам бергенден тышкары, антиоксидант жана антибактериалдык касиеттери үчүн сезгенүүгө каршы табигый дары катары популярдуу. Жергиликтүү керектөөчүлөр жөтөлдү, күйүктү, жараатты дарылоо үчүн балды кеңири колдонушат. Социалдык чектөөлөр алынып салынгандан кийин адамдар кадимки иш ыргагына кайтып, жумуштарына, балдар мектептерге бара башташты. Ата-энелер, балдары үйдө көпкө отуруп калгандыктан, сасык тумоого жакын болорун билишип, ден соолукка пайдалуу болгон балды көп колдонушат.

2022-жылы бал сатуу каналдары боюнча сатуу түзүмүнө ылайык, чекене сатык үчүн 2,1 миң тонна же 87,5% бал керектелсе, ал эми коомдук тамактануу тармактарына 0,3 миң тонна же 12,5% туура келген.

**23-сүрөт. БАЭдеги бал сатуу каналдары, миң тонна**




*Булак: © Euromonitor International*

Ошентип, 2022-жылдын башында күйүүчү майдын кымбатташынан жана ташып жеткирүүдөгү көйгөйлөрдөн улам чекене баалар өсүп, мындан улам жаралган инфляциялык басымга карабастан, бал керектөө туруктуу бойдон калууда. Керектөөчүлөр, ошондой эле, баасы жеткиликтүү бренддерге жана чакан идиштердеги балга кызыгышууда.

Дагы бир санариптик сатуу каналы болгон *Q-commerce*-тин өсүшү спреддин сатыгын ого бетер күчөттү. *NowNow, Talabat* жана *Deliveroo* сыяктуу мобилдик тиркемелер, адатта, бал сыяктуу узакка сакталган тамак-аш азыктарын сатып алуу үчүн колдонулат. Товарларды 1 сааттын ичинде жеткирүү иштеринин жолго коюлушу таттуу спреддердин электрондук соодасын стимулдаштырат. Жашоо образындагы мындай өзгөрүүлөр бара-бара көнүмүшкө айланып калышы ыктымал. Жумушка жана мектепке кайтып келгенден кийин, керектөөчүлөр дүңүнөн буйрутмаларды онлайн түрүндө эле берүүнү жактыра башташты, анткени бул аларга жума ичиндеги убактысын пайдалуу колдонууга мүмкүндүк берет.

**12-таблица. 2022-жылы өлкөлөр боюнча БАЭнин бал импорту**

| ТЭИ ТН коду | Товардык позиция | Импорттун көлөмү, млн АКШ долл | Жеткирип берүүчү ТОП-3 өлкө | Импорттогу үлүшү |
|---|---|---|---|---|
| **040900** | Табигый бал | 18,1 | Германия | 16 % |
| | | | Венгрия | 16 % |
| | | | Жаңы Зеландия | 14 % |

*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

2022-жылы БАЭ 18,1 млн АКШ долларына бал импорттогон, анын ичинен Германиядан 16%, Венгриядан 16%, Жаңы Зеландиядан 14% жана Австралиядан 10%.

КР экспорттоочулары үчүн өсүү көрсөткүчтөрүн жана рыноктун өзгөчөлүктөрүн эске алуу маанилүү. 2018-2022-жылдар аралыгында бал импортунун орточо жылдык өсүшү 9% түздү, ал эми 2022-жылы бул көрсөткүч -15% кескин түшүп кеткен, бул пандемиядан кийинки керектөөнүн кыскарышына байланыштуу болушу мүмкүн.

***Кыргызстандын экспорттук дарамети***

2022-жылы БАЭ импортунун терс динамикасына карабастан, өткөн жылы БАЭге 160 миң доллар же 38 тонна (14%) бал жөнөтүлүп, балдын биринчи экспорттук рыногу болуп калды, ал эми эң чоң көлөмдөгү бал 2021-жылы 79 тоннада экспорттолгон.

Акыркы жылдары Кыргызстандан балдын жалпы экспортунун эң максималдуу көлөмү 704 тоннаны (2017-жылы), ал эми 2022-жылы 257 тоннаны түзгөн.

Бал сатууну көбөйтүү үчүн, биздин экспорттоочулар БАЭ керектөөчүлөрүнүн талаптарын эске алуу менен, жаңы маркетинг мүмкүнчүлүктөрүн кылдаттык менен карап чыгуулары керек.

БАЭнин бал рыногу оң динамикада болуп, 2023-2027-жылдары жылдык орточо өсүш темпи 6.3% га жетери күтүлүүдө. Жогоруда кеп кылынган онлайн соода платформаларына көңүл буруу зарыл.


## ЖАШЫЛЧА-ЖЕМИШ РЫНОГУН ТАЛДОО

Кыргызстандын экспорттук түзүмүн, ошондой эле БАЭ рыногунун алыстыгын эске алуу менен арзан баадагы жана орточо экспорттук аралыгы кыска жашылчалар менен буурчак өсүмдүктөрү бул сереп салууда каралбайт. Бул мүнөздөмөлөрдү эске алуу менен картөшкө талдоодо каралбайт.

### Буурчак рыногу

БАЭ рыногунда буурчак өсүмдүктөрүнүн чекене сатуусу 2022-жылы 6% га (учурдагы баалар боюнча) өсүп, 2,7 млрд дирхамга (722,7 млн АКШ долларына) жетти. Сатуу болжолу боюнча жыл сайын 9,3% өсүш байкалып, 2027-жылга карата 686,8 млн дирхамга (187 млн АКШ долларына) жетери болжолдонууда [40]. Жалпы буурчак өсүмдүктөрүнүн ичинен төө буурчактын сатылган үлүшү 493,2 млн дирхамды (134 млн АКШ долларын) же 18,6 %, ал эми кадимки буурчак 23 % түзгөн.

**24-сүрөт. БАЭде буурчак өсүмдүктөрүн сатуу динамикасы жана болжолу**




*Булак: © Euromonitor International*

2022-жылы төө буурчакты сатуунун физикалык көлөмү 63,5 миң тоннаны түзүп, 2028-жылга карата 81,2 миң тоннага жетиши болжолдонууда.


[40] *Euromonitor International*, 2023.

Бүгүнкү күндө Кыргызстан буурчак өсүмдүктөрүн көптөгөн өлкөлөргө экспорттойт, анын ичинен Балкан өлкөлөрү, Түркия, Орусия, Жакынкы Чыгыш өлкөлөрү, Ооганстан, Кавказ өлкөлөрү, Түштүк Азия өлкөлөрү өзгөчөлөнүп турат. 2018- жана 2021-жылдары анча-мынча жеткиргени болбосо, Кыргызстан БАЭге буурчакты дээрлик экспорттобойт. БАЭ буурчак рыногу жылдык сатык өсүшү 57 миллион доллардын тегерегинде өсөрү болжолдонгон өнүгүп жаткан рынок болуп саналат.

ФАОнун маалыматы боюнча, БАЭ 2020-жылы киши башына күнүнө 172 ккал буурчак керектеп, бул көрсөткүч боюнча 9-орунду ээлейт. Ал эми Жакынкы Чыгыш өлкөлөрүнүн ичинен буурчак керектөөсү боюнча Эмират биринчи орунда турат.

2022-жылы буурчак өсүмдүктөрүн сатуу каналдары аркылуу сатуу түзүмү боюнча, чекене сатуу 184,3 миң тоннаны же 69,3%ды, коомдук тамактануу тармактары 79,8 миң тоннаны же 30,7%ды түздү.

**25-сүрөт. БАЭдеги “Буурчактар” сатуу каналы, миң тонна**




*Булак: © Euromonitor International*

Пандемия учурунда катуу соккуга дуушар болгон коомдук тамак-аш тармагында төө буурчак сатуу 2021-жылдын акыркы чейрегинде кайра жанданды. Коомдук тамактануу түйүндөрүнүн ачылышы Түштүк Азия ашканаларында кеңири колдонулган жана өлкө боюнча соода түйүндөрүнүн баардыгында сунушталган буурчак өсүмдүктөрүнүн сатыгын көбөйттү.

**13-таблица. 2022-жылы өлкөлөр жана субпозициялар боюнча БАЭнин буурчак импорту**

| ТЭИ ТН коду | Товардык позиция | Импорттун көлөмү, млн АКШ долл | Жеткирип берүүчү ТОП-3 өлкө | Импорттогу үлүшү |
|---|---|---|---|---|
| **071340** | Кургатылган, кабыгынан тазаланган же тазаланбаган, чагылган же чагылбаган жасмык | 284 | Канада | 77 % |
| | | | Австралия | 22 % |
| | | | АКШ | 1 % |
| **071320** | Кургатылган, кабыгынан тазаланган же тазаланбаган, чагылган же чагылбаган нокот (нут) | 38,2 | Австралия | 42 % |
| | | | Аргентина | 18 % |
| | | | Канада | 14 % |
| **071331** | Vinga mungo (l.) hepper же vinga radiata(l.) wilczek түрүндөгү кургатылган, кабыгынан ажыратылган, тазаланган төө буурчак | 25 | Мьянма | 66 % |
| | | | Мозамбик | 25 % |
| | | | Эфиопия | 3 % |
| **071333** | Кадимки төө буурчак, анын ичинде майда уруктуу ак төө буурчак (phaseolus vulgaris), кургатылган | 20,4 | Кытай | 26 % |
| | | | Аргентина | 21 % |
| | | | Канада | 14 % |
| **071350** | Тоют буурчагы же ири уруктуу жылкы буурчагы (vicia faba var. major) жана тоют буурчагы же жылкы буурчагы . . . | 15,2 | Австралия | 68 % |
| | | | Египет | 19 % |
| | | | Перу | 5 % |
| **071310** | Буурчак (pisum sativum), кургатылган | 14,3 | Канада | 91 % |
| | | | Украина | 3 % |
| | | | АКШ | 2 % |

*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

Пандемияга чейин азыктар, анын ичинде буурчак өсүмдүктөрү көбүнчө кадимки чекене дүкөндөрдөн сатылып алынган. Бирок COVID-19га байланыштуу чектөөлөр керектөөчүлөрдү онлайн соодага өтүүгө мажбур кылды. *Carrefour, Lulu* жана *Spinneys* сыяктуу ири заманбап дүкөндөр өз электрондук коммерция порталдарындагы жарнамалык акциялары аркылуу керектөөчүлөрдү өзүлөрүнө тарта башташты. *Kibsons, Fresh to Home, El Grocer, InstaShop* жана башка интернет-дүкөндөрү да өз позицияларын ээлешти. Заманбап дүкөндөр өзүн-өзү тейлөөчү кассаларды киргизишип, *NowNow, Talabat* жана *Deliveroo* сыяктуу *q-commerce* тиркемелери менен кызматташа башташты. Бул ыңгайлуу кызматтар чанактуу дан өсүмдүктөрүнө болгон суроо-талапка оң таасирин тийгизип, сатыктын туруктуу өсүшүнө алып келди.

2022-жылы БАЭ 425,7 млн АКШ долларына буурчак өсүмдүктөрүн (0713 товардык позиция), анын ичинен 284 млн АКШ долларына (66%) жасмык, 38,2 млн АКШ долларына нокот (нут), 25 млн АКШ долларына vinga mungo төө буурчагын жана 20,4 млн АКШ долларына жөнөкөй төө буурчак импорттогон.

КР экспорттоочулары үчүн өсүү көрсөткүчтөрүн жана рыноктун өзгөчөлүктөрүн эске алуу маанилүү. 2018-2022-жылдар аралыгында буурчак өсүмдүктөрүнүн жылдык орточо өсүшү 8%ды, ал эми 2022-жылы 5%ды түзгөн.

***Кыргызстандын экспорттук дарамети***

БАЭнин буурчак өсүмдүктөрүнүн импортунун товардык түзүмүнөн улам КР экспорттоочуларын, "жасмык", "нокот" жана "буурчак" позициялары реэкспорт болгондуктан, “төө буурчак” субпозициясы гана кызыктырышы мүмкүн. Кыргызстан 2016-жылы «07133 кадимки төө буурчакты» максималдуу 105,5 миң тонна, ал эми 2022-жылы 34,7 миң тонна көлөмдө экспорттогон. Ошол эле учурда БАЭ 07133 позициясы боюнча 33,6 миң тонна импорттогон.

Учурдагы кризистер БАЭде инфляциялык басымды күчөттү. Буурчак өсүмдүктөрү арзан жана универсалдуу болуп, салаттарга жана түрдүү тамактарга ылайыктуу. Мындан тышкары, түштүк азиялык экспатрианттар буурчак өсүмдүктөрүнүн арзан белогунун пайдасын көрүш үчүн, аларды күнүмдүк рационуна кошуп жатышат. Бул факторлор менен бирге флекситаризмдин[41] өсүшү менен катар чанактуу дан өсүмдүктөрүнүн сатыгы өсүшү үчүн жагымдуу чөйрөнүн түзүлөрү болжолдонууда. БАЭде төө буурчактын чекене сатыгы акыркы жылдары тынымсыз өсүп, 2023-2027-жылдар аралыгында жылдык орточо өсүш 7,9%га жетери күтүлүүдө.


## Картөшкө рыногу

2022-жылы БАЭнин жаңы казылган картошка рыногунда чекене сатуу 8,2%га (учурдагы баалар боюнча) өсүп, 1,16 млрд дирхамга (315 млн АКШ долларына) жетти. Сатык болжолу боюнча, 2027-жылы жылдык орточо өсүш 5,5% же 1,47 млрд дирхамга (401 млн АКШ долларына) жетери болжолдонууда[42].

[41] Флекситаризм – жаныбар этин тамак-аш катары колдонууга мүмкүндүк берген, негизинен, өсүмдүк диетасы. Флекситариандар этти мүмкүн болушунча азыраак жегенге умтулушат, бирок ошол эле учурда аны өз рационунан толук чыгарышпайт.

[42] *Euromonitor International*, 2023.


### 26-сүрөт. БАЭде картөшкө сатуунун динамикасы жана болжолу




*Булак: © Euromonitor International*

Бүгүнкү күндө Кыргызстан жаңы картөшкөнүн 94%ын коңшу Өзбекстан менен Казакстанга экспорттойт. Логистикалык кыйынчылыктарга карабастан, БАЭнин жаңы картөшкө рыногу жылдык сатыгы 17 млн АКШ долларынан ашкан өсүп келе жаткан рынок болуп саналат жана 2027-жылга карата бул көрсөткүч 401 млн АКШ долларына жетери болжолдонууда.

### 27-сүрөт. БАЭде жаңы картөшкөнү сатуу каналдары, миң тонна




*Булак: © Euromonitor International*

2022-жылы жаңы картошканы сатуу каналдары төмөнкүдөй бөлүндү: чекене сатууга 160 миң тонна (68,2%), коомдук тамактануу тармактарына 71,1 миң тонна (30,3%) жана институттук сатууга[43] 3,5 миң тонна (3,5%) керектелет.

Картөшкө Z муунунун сүйүктүү углеводу болгондуктан, болжолдонгон мезгилде бул жашылчанын сатыгы өсөт.

### 14-таблица. 2022-жылы өлкөлөр боюнча БАЭнин картөшкө импорту

| ТЭИ ТН коду | Товардык позиция | Импорттун көлөмү, млн АКШ долл | Жеткирип берүүчү ТОП-3 өлкө | Импорттогу үлүшү |
|---|---|---|---|---|
| **0701** | Жаңы же муздатылган картөшкө | 30,4 | Египет | 68 % |
| | | | Нидерланд | 7 % |
| | | | Германия | 6 % |
| **220410** | Бышырылган же консерваланган картөшкө, тоңдурулган | 114,6 | Нидерланд | 33 % |
| | | | Бельгия | 28 % |
| | | | Египет | 25 % |

*Булак: TradeMap (Международный торговый центр)*

Экспорттоочулар өсүү темптерин жана рыноктун өзгөчөлүктөрүн изилдеши керек. Эгерде 2018-2022-жылдар аралыгындагы импорттун өсүү темптерин салыштыра турган болсок,

[43] Институттук сатуу – бул ооруканалар, аскердик мекемелер, түрмөлөр, мектеп/иш ашканалары, мамлекеттик субсидияланган ашканалар ж.б. сыяктуу чекене эмес уюмдарга сатуу.

жаңы картөшкөнүн импорту жыл сайын орточо 7%га өскөн, ошол эле мезгилде тоңдурулган картөшкөнүн импорту жыл сайын 10%га, ал эми 2022-жылы жаңы картөшкө 1%, тоңдурулган картөшкө 61% өскөн.

***Кыргызстандын экспорттук дарамети***


Жаңы картөшкө акыркы 5 жылда оң динамикага ээ болуп жаткандыктан, биздин экспорттоочулар экспорттук мүмкүнчүлүктөрдү кылдат изилдеп, логистиканы өнүктүрүүсү керек. 2017-жылы Кыргызстан 230 миң тонна, 2022-жылы 59 миң тонна гана картөшкө экспорттогон.

Экспортту диверсификациялоо үчүн картөшкөнү тоңдуруунун мүмкүнчүлүктөрүн иликтөө зарыл. БАЭде чекене сатуу акыркы жылдары өсүп, тоңдурулган картөшкөнү сатуунун өсүү темпи 2023-2027-жылдары 10,6% түзүшү күтүлүүдө.

## Жаңы жашылча-жемиштер рыногу

БАЭ мөмө-жемиш рыногунда чекене сатуу[44] 2022-жылы 5%га (учурдагы баалар боюнча) өсүп, 5,6 млрд дирхамга (1,5 млрд АКШ долларына) жетти. Сатуу болжолу боюнча, 2027-жылы жылдык орточо өсүш 7,9% же 7,8 млрд дирхамга (2,1 млрд АКШ долларына) жетери болжолдонууда.


**28-сүрөт. БАЭде мөмө-жемиштерди сатуунун динамикасы жана болжолу**




*Булак: © Euromonitor International*

БАЭ жашылча рыногунда чекене сатуу 2022-жылы 9%га (учурдагы баалар боюнча) өсүп, 8,1 млрд дирхамга (2,2 млрд АКШ долларына) жетти. Сатуу болжолу боюнча, 2027-жылы жылдык орточо өсүш 7,6% же 11,2 млрд дирхамга (3 млрд АКШ долларына) жетери күтүлүүдө[45].

**29-сүрөт. БАЭде жашылчаларды сатуу динамикасы жана болжолу**





*Булак: © Euromonitor International*

[44] Талдоого КР аймагында өспөгөн тропикалык жемиштер кирген жок.

[45] *Euromonitor International*, 2023.

БАЭдеги жашылча-жемиш рыногунда жыл сайын сатуу көрсөткүчү 120 млн (мөмө-жемиштер) жана 167 млн доллардан ашып (жашылчалар), 2,1 млрд жана 3 млрд АКШ долларга жетип, өсүп келе жаткан рынок болуп саналат.


**30-сүрөт. БАЭдеги мөмө-жемиш сатуу каналдары, миң тонна**




*Булак: © Euromonitor International*

2022-жылы мөмө-жемиш сатуу каналдары төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн: чекене сатууга 181 миң тонна (38,5%), коомдук тамактануу тармактарына 206,1 миң тонна (43,8%) жана институттук сатууга 83,2 миң тонна (17,7%) туура келет.

**31-сүрөт. БАЭдеги жашылча сатуу каналдары, миң**




*Булак: © Euromonitor International*

2022-жылы жаңы жашылчаларды сатуу каналдары төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн: чекене сатууга 787,8 миң тонна (79%), коомдук тамактануу тармактарына 164,1 миң тонна (17%) жана институттук сатууга 41,3 миң тонна (4%) туура келет.

Инфляцияга байланыштуу тынчсыздануларга карабастан, БАЭдеги керектөөчүлөр азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу үчүн өлкөнүн жетекчилиги тарабынан түзүлгөн жигердүү пландаштыруу менен соода келишимдеринен пайда алып жатышат. Бул келишимдер аймактагы стабилдүүлүк менен бирге негизги мөмө-жемиштердин жана жашылчалардын туруктуу камсыздалып туруусуна өбөлгө түздү.

Сергек жашоого жана туруктуу өнүгүүгө өзгөчө басым жасаган Z мууну ушул баалуулуктарга шайкеш келген категориялар менен бренддерди активдүү издешет. Жаңы мөмө-жемиштер жана жашылчалар социалдык тармактарда сергек жашоо образын жайылткан инфлюенсерлер тарабынан колдоого алынып, популярдуу болгон жашыл смузи тенденциясы менен ассоциацияланат. Бул тенденция кайнатылган жашылчаларды салттуу колдонуу менен бирге мөмө-жемиш рыногунун өсүшүнө чоң салым кошту. Смузи-барлар менен фреш- барлары нишалык бойдон калууда, смузиге керектүү жемиштер менен жашылчаларга суроо-талап өсүүдө, демек, бул категория келечектүү боло тургандыгы көрүнүп турат.

Мындан тышкары, чекене суроо-талап ушул тенденциялар менен бирге жогорулашы күтүлүүдө, анткени бул жемиштерди үй шартында керектөө лимон, щелоч жана

антиоксидантка бай мөмө-жемиштер аркылуу иммунитетти жогорулатууга болгон муктаждыкка жооп катары көбөйдү, мисалы алча, клюква / черника жана кулпунай. Бирок бул акыркы аталган жемиштер орто жана жогорку кирешелүү калк арасында көбүрөөк популярдуу.

**15-таблица. 2022-жылы өлкөлөр боюнча БАЭнин жашылча импорту**

| ТЭИ ТН коду | Товардык позиция | Импорттун көлөмү, млн АКШ долл | Жеткирип берүүчү ТОП-3 өлкө | Импорттогу үлүшү |
|---|---|---|---|---|
| **070320** | Жаңы же муздатылган сарымсак | 76 | Кытай | 99 % |
| | | | Испания, Нидерланд | 1 % |
| **070610** | Сабиз жана шалгам | 41,8 | Австралия | 49 % |
| | | | Кытай | 48 % |
| | | | АКШ | 1 % |
| **070200** | Жаңы же муздатылган помидорлор | 30 | Нидерланд | 47 % |
| | | | Иордания | 26 % |
| | | | Марокко | 11 % |
| **070200** | Баш пияз жана шалот пиязы (шалот) | 29,7 | Египет | 61 % |
| | | | Испания | 19 % |
| | | | Түркия | 12 % |

*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

**16-таблица. 2022-жылы өлкөлөр боюнча БАЭнин мөмө-жемиш импорту**

| ТЭИ ТН коду | Товардык позиция | Импорттун көлөмү, млн АКШ долл | Жеткирип берүүчү ТОП-3 өлкө | Импорттогу үлүшү |
|---|---|---|---|---|
| **080810** | Жаңы бышкан алма | 129 | Түштүк Африка | 23 % |
| | | | Жаңы Зеландия | 15 % |
| | | | Италия | 14 % |
| **081010** | Жаңы бышкан кожогат (кулпунай) | 37,6 | Түштүк Африка | 30 % |
| | | | АКШ | 26 % |
| | | | Египет | 20 % |
| **080610** | Жаңы бышкан жүзүм | 36 | Түштүк Африка | 37 % |
| | | | Египет | 25 % |
| | | | Австралия | 12 % |
| **080830** | Жаңы бышкан алмурут | 30,1 | Түштүк Африка | 76 % |
| | | | Испания | 7 % |
| | | | Кытай | 6 % |
| **080940** | Кара өрүк жана көк жемиш, жаңы бышкан | 21,1 | Түштүк Африка | 74 % |
| | | | Италия | 12 % |
| | | | Испания | 10 % |
| **080940** | Кургатылган жүзүм | 16,5 | Өзбекстан | 49 % |
| | | | Кытай | 34 % |
| | | | Түштүк Африка | 7 % |
| **080930** | Шабдалы (нектарин дагы) | 15,9 | Түштүк Африка | 53 % |
| | | | Иордания | 17 % |
| | | | Австралия | 7 % |

*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

Экспорттоочулар өсүү темптерин жана рыноктун өзгөчөлүктөрүн изилдеши керек. Эгерде 2018–2022-жылдар аралыгындагы импорттун өсүү темптерин салыштыра турган болсок, сарымсактын импортунун жылдык орточо өсүшү 21%, сабиз менен шалгамдыкы 2%, жаңы терилген помидордуку (-22%) жана пияздыкы 7% болгонун көрөбүз.

Экспорттоочулар өсүү темптерин жана рыноктун өзгөчөлүктөрүн изилдеши керек. Эгерде 2018–2022-жылдар аралыгындагы импорттун өсүү темптерин салыштыра турган болсок, анда алманын импортунун жылдык орточо өсүшү 0%, кулпунайдыкы 12%, жаңы терилген

жүзүмдүкү (-5%), алмуруттуку (-3%), кара өрүктүкү 11%, кургатылган жүзүмдүкү 38% жана шабдалыныкы 5% болгонун көрөбүз.

***Кыргызстандын экспорттук дарамети***

Кыргызстан жашылча-жемиштерди ЕАЭБ өлкөлөрүнө, Түркияга, Германияга жана Өзбекстанга экспорттойт. Мөмө-жемиштер[46] менен жаңы жашылчалар[47] акыркы 5 жылда оң динамиканы көрсөтүүдө – мөмө-жемиштер боюнча жылдык орточо өсүш 40%, жашылчалар боюнча 57% түздү. Экспорттоочулар экспорттун мүмкүнчүлүктөрүн кылдаттык менен иликтеп чыгып, жаңы терилген продукциянын логистикасын өнүктүрүүсү керек. 2022-жылы Кыргызстандан 54 миң тонна мөмө-жемиш жана 50 миң тонна жаңы терилген жашылча экспорттолгон.


Акыркы жылдары БАЭде пандемиядан кийинки сергек жашоо образынын жаңы тенденцияларынан улам мөмө-жемиш менен жашылчалардын чекене сатыгы тынымсыз өсүп жатат. 2023-2027-жылдар аралыгында мөмө-жемиштердин жылдык орточо өсүшүнүн темпи 7,9%, ал эми жашылчалардыкы 7,6% түзөрү күтүлүүдө. Бул, демек, КР экспорттоочулары жашылча-жемиш рыногунан жаңы нишаларды табышы керек дегенди билдирет.

## ДАЯР ТАМАК-АШ ПРОДУКЦИЯСЫНЫН РЫНОГУН ТАЛДОО

### Наабайкана продукциянын (выпечка) рыногу

2022-жылы БАЭ наабайкана продукциянын рыногунда чекене сатуу 7,9%га (учурдагы баалар боюнча) өсүп, 2,47 млрд дирхамга (672 млн АКШ доллар.) жетти. Сатуу болжолу боюнча, 2027-жылы жылдык орточо өсүш 7,6% же 3,55 млрд дирхамга (967 млн АКШ доллар.) жетери болжолдонууда[48].

**32-сүрөт. БАЭде наабайкана продукциянын сатуунун динамикасы жана болжолу**




*Булак: © Euromonitor International*

Керектөөчүлөр көп убактыларын үйдөн тыш өткөрүшкөндүктөн, бул коомдук тамактануу тармагында наабайкана продукцияга болгон суроо-талапты жоготпой, сатуу көрсөткүчтөрүн калыбына келтирүүдө. Үйдөн тамак жасоо, наабайкана продукция бышырууга кеткен убакыт кыскарганы менен (бул десертке кошулуучу аралашмалардын баасынын төмөндөшүнө алып келет), ыңгайлуулугуна жана узакка сакталгандыгына байланыштуу тоңдурулган наабайкана продукцияга болгон чекене суроо-талап өсүп жатат.


[46] Жаңгакты эске албаганда.

[47] Буурчак өсүмдүктөрүн, картөшкөнү эске албаганда.

[48] Euromonitor International 2023.

2022-жылы наабайкана продукция сатуу каналдары төмөнкүдөй бөлүндү: чекене сатууга 228 миң тонна (54,2%), коомдук тамактануу тармактарына 192,7,1 миң тонна (45,8%) туура келди.

**33-сүрөт. БАЭде наабайкана продукция продукциянын сатуу каналдары**




*Булак: © Euromonitor International*

Пандемия эмираттык керектөөчүлөрдүн ден-соолук боюнча маалымдуулугун жогорулатып, сергек жашоо образын тандашына жана кантты керектөөсүнүн кыскарышына алып келди. Курамына кант болушунча аз кошулган же альтернативдүү таттуу даам бергичтер кошулган наабайкана продукцияга суроо-талап жогору болууда. Керектөөчүлөр ден-соолукка пайдалуу тандоо жасоо үчүн, азыктын таңгагындагы маалыматты кылдат текшерип, анын ингредиенттеринин келип чыгышы жөнүндө маалыматты активдүү издешет.

**17-таблица. 2022-жылы өлкөлөр боюнча БАЭнин наабайкана продукциянын импорту**

| ТЭИ ТН коду | Товардык позиция | Импорттун көлөмү, млн АКШ долл | Жеткирип берүүчү ТОП-3 өлкө | Импорттогу үлүшү |
|---|---|---|---|---|
| **190590** | Башка нандар жана ундан жасалган кондитердик азыктар | 174,6 | Бельгия | 14 % |
| | | | АКШ | 13 % |
| | | | Улуу Британия | 10 % |
| **190532** | Вафли жана вафли облаткалары | 68,1 | Италия | 37 % |
| | | | Нидерланд | 12 % |
| | | | Индонезия | 11 % |
| **190531** | Кургак таттуу печенье | 64 | Улуу Британия | 15 % |
| | | | Түркия | 13 % |
| | | | Италия | 13 % |

*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

Экспорттоочулар рыноктун өсүү көрсөткүчтөрүн жана өзгөчөлүктөрүн изилдеши керек. Эгерде 2018–2022-жылдар аралыгындагы импорттун өсүү көрсөткүчтөрүн салыштыра турган болсок, «1905 Нан, ундан жасалган кондитердик азыктар, пирожноелер, печенье ж.б.» товардык позициясынын импорту жыл сайын орточо 9% болсо, 2022-жылы бул көрсөткүч 22% өскөн.

***Кыргызстандын экспорттук дарамети***


Бүгүнкү күндө Кыргызстан Казакстанга “1905” товардык позициясынын 91% экспорттойт. Бул позициянын экспорту акыркы 5 жылда жыл сайын орто эсеп менен 25%га өсүүдө. 2013-жылга чейин Кыргызстан бул позицияны БАЭге үзгүлтүксүз экспорттоп, экспорттун максималдуу көлөмү 2011-жылы 1,7 млн АКШ долларына жеткен.

БАЭнин өсүп жаткан рыногун кененирээк талдап чыгуу маанилүү, себеби алдыда сатуу жыл сайын 59 млн АКШ долларынан ашык өсүп, 2027-жылга чейин 967 млн АКШ долларына жетери күтүлүүдө.

### Алкоголсуз суусундуктар рыногун талдоо

Алкоголсуз суусундуктар рыногу 2022-жылы 20,16 млрд дирхамга (5,49 млрд АКШ долл.) жетип, 3090,3 млн литрди түзгөн. 2022-жылы өткөн жылга салыштырмалуу өсүү 5,1%ды түздү, ал эми 2023-2027-жылдарга болжол менен жылдык орточо өсүш 4,5% болору күтүлүүдө.


**34-сүрөт. БАЭдеги алкоголсуз суусундуктардын динамикасы жана болжолу**




*Булак: © Euromonitor International*

2022-жылы Эмираттарде алкоголсуз суусундуктардын сатыгы ***on-trade***[49] да, ***off-trade***[50] да оң болду. Бирок экономикалык кырдаалдан жана инфляциядан улам натуралдуу өлчөөдө сатуу көлөмү нарк жагынан сатуудан артта калууда.

**35-сүрөт. БАЭде алкоголсуз суусундуктарды сатуу каналдары, миң тонна**




*Булак: © Euromonitor International*

***ШИРЕ РЫНОГУ***


БАЭ шире рыногунда чекене сатуу 2022-жылы 4% га өсүп, 5,25 млрд дирхамга (1,43 млрд АКШ долл.) жетти. Сатуу болжолу боюнча, 2027-жылы жылдык орточо өсүш 3,4% же 6,15 млрд дирхамга (1,68 млрд АКШ долл.) жетери күтүлүүдө[51].

[49] Дүкөндөн тышкары сатуу (on-trade) – бул керектөөчү суусундукту сатып алып, аны сатып алган эле жеринде ичкендей кылып, суусундуктарды сатуу каналдарынын бөлүштүрүлүшү. Адатта бул суусундуктарды ичүүгө сунуштаган коомдук тамактануу түйүндөрү жана жайлары.

[50] Дүкөндө сатуу (off-trade) – бул керектөөчү суусундукту башка жерден ичүү үчүн сатып алгандай кылып, сатуу каналдарынын бөлүштүрүлүшү. Буга чекене соода кылган дүкөндөр мисал болот.


[51] Euromonitor International 2023.

**36-сүрөт. БАЭдеги шире рыногунун динамикасы жана болжолу**




*Булак: © Euromonitor International*

**37-сүрөт. БАЭдеги шире сатуу каналдары, миң тонна**




*Булак: © Euromonitor International*

2022-жылы шире каналдары төмөнкүдөй бөлүндү: дүкөндө сатууга 352 млн литр (91,8%), дүкөндөн тышкаркы сатууга 31,5 млн литр (8,2%) туура келген.

Ширени дүкөндө (off-trade [52] ) сатуу 2022-жылы калктын өсүшүнө, үйдө шире ичүү адаттарына жана туризмге байланыштуу жакшырды. Ал эми үйдөн тышкары жүрүүнүн өсүшү үйдөн ичүүгө ылайыкталган чоң бөтөлкөлөрдөгү жана картон кутулардагы ширелерге караганда кичине идиштеги ширелерге суроо-талапты күчөттү. Бул факторлор 2022-жылы ширени дүкөндөн тышкары (on-trade[53]) сатууну жогорулатууга кеңири мүмкүнчүлүк түздү.

Шире тенденциялары жашылчалар менен альтернативдүү чөптөрдүн аралашмаларына карай жылышып жатат. Курамында канттын болушуна тынчсызданган керектөөчүлөр курамында жашылчасы көбүрөөк болгон ширелерди тандап жатышат. Бир гана жашылчадан жана мөмө-жемиши аз өсүмдүктөрдөн жасалган ширелер популярдуулукка ээ болору күтүлүүдө.

2022-жылы тамак-аш азыктарын маркерлөөнүн жаңы тутуму киргенден кийин ширенин курамындагы кантты азайтуу жана аш болумдуу заттарды кошуу чечүүчү мааниге ээ болуп калды. Ден соолугуна кам көргөн керектөөчүлөрдүн көңүлүн буруу үчүн, ширенин поливитаминдер менен байытылганын жана органикалык ингредиенттер кошулганын баса белгилеп көрсөтүү зарыл.

Экспорттоочулар рыноктун өсүү көрсөткүчтөрүн жана өзгөчөлүктөрүн изилдеши керек. Эгерде 2018-2022-жылдар аралыгындагы импорттун өсүү көрсөткүчтөрүн салыштыра турган болсок, “Мөмө-жемиш ширелери жана жашылча ширелери, ачытылбаган жана

[52] Дүкөндөн тышкары сатуу (on-trade) – бул керектөөчү суусундукту сатып алып, аны сатып алган эле жеринде ичкендей кылып, суусундуктарды сатуу каналдарынын бөлүштүрүлүшү. Адатта бул суусундуктарды ичүүгө сунуштаган коомдук тамактануу түйүндөрү жана жайлары.

[53] Дүкөндө сатуу (off-trade) – бул керектөөчү суусундукту башка жерден ичүү үчүн сатып алгандай кылып, сатуу каналдарынын бөлүштүрүлүшү. Буга чекене соода кылган дүкөндөр мисал болот.

кошулмалары жок” товардык позициясы боюнча импорт жылына орточо 9%га жана 2022-жылы 20%га өскөн.

**18-таблица. 2022-жылы өлкөлөр боюнча БАЭнин шире импорту[54]**


| ТЭИ ТН коду | Товардык позиция | Импорттун көлөмү, млн АКШ долл | Жеткирип берүүчү ТОП-3 өлкө | Импорттогу үлүшү |
|---|---|---|---|---|
| **200979** | Башка алма ширелери | 9,6 | Австрия | 43 % |
| | | | Түркия | 23 % |
| | | | Германия | 21 % |
| **200989** | Мөмө-жемиштин же жашылчанын бир түрүнүн ширеси, башкалары | 8,9 | Таиланд | 31 % |
| | | | Бразилия | 10 % |
| | | | Канада | 10 % |
| **200990** | Ширелердин аралашмалары | 7,9 | Нидерланд | 37 % |
| | | | Таиланд | 13 % |
| | | | Ирландия | 9 % |
| **200969** | Башка жүзүм ширеси | 4,3 | Испания | 92 % |
| | | | Түркия | 5 % |
| | | | Италия | 2 % |
| **200971** | Брикс саны 20дан ашпаган алма ширеси | 1,1 | Кипр | 30 % |
| | | | Франция | 24 % |
| | | | Түркия | 10 % |

*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

### *БӨТӨЛКӨГӨ КУЮШТУРУЛГАН СУУ РЫНОГУ*


БАЭнин бөтөлкөгө куюштурулган суу рыногунда чекене сатуу 2022-жылы 6,6%га өсүп, 9,99 млрд дирхамга (2,72 млрд АКШ долл.) жетти. Сатуу болжолу боюнча, 2027-жылы жылдык орточо өсүш 3,4% же 13,48 млрд дирхамга (3,67 млрд АКШ долл.) жетери күтүлүүдө.

**38-сүрөт. БАЭде бөтөлкөгө куюштурулган суу динамикасы жана болжолу**




*Булак: © Euromonitor International*

**39-сүрөт. БАЭде бөтөлкөгө куюштурулган суу сатуунун каналдары, миң тонна**




*Булак: © Euromonitor International*

[54] Эскертүү. Мында КРде өндүрүлгөн мөмө-жемиш жана жашылча ширелери каралат.

2022-жылы бөтөлкөгө куюштурулган суу каналдары төмөнкүдөй бөлүндү: дүкөндө сатууга 1,738 млн литр (73,3%) жана дүкөндөн тышкары сатууга 632 млн литр (26,7%) туура келет.

Бөтөлкөгө куюштурулган суу газдалган сууларга популярдуу альтернатива болуп бара жатат. Рынок лидерлери сергек жашоого басым жасап, *Al Ain Zero, Al Ain Vitamin D* жана натрийи жок *Al Ain Bambini* сыяктуу ден соолукка багытталган жаңы продуктуларды сунуштап жатышат. Стресстен арылтуу, уйкуну жакшыртуу же күч-кубат менен иммунитетти көтөрүү сыяктуу муктаждыктарды канааттандыруучу көп функциялуу бөтөлкөгө куюштурулган суу барган сайын популярдуу болууда. Бөтөлкөгө куюлган минералдык суунун ден соолукка тийгизген пайдасын ден-соолугуна кам көргөн керектөөчүлөр билет. Текчелерде алдынкы бренддердин жаңы продукциялары, анын ичинде айнек бөтөлкөгө куюштурулган *Avian* пайда болду. Бөтөлкөгө куюштурулган жыпар жыттуу газдалган суу ар кандай кошулмалары жана жыт-даам бергичтери бар газдалган сууларга альтернатива болуп, сатык көрсөткүчүн калыбына келтирери күтүлүүдө. Баасына маани берген керектөөчүлөр электрондук чекене соода аркылуу үнөмдүү варианттарга өтө алышат.

**19-таблица. 2022-жылы БАЭнин бөтөлкөгө куюштурулган суу импорту[55]**

| ТЭИ ТН коду | Товардык позиция | Импорттун көлөмү, млн АКШ долл | Жеткирип берүүчү ТОП-3 өлкө | Импорттогу үлүшү |
|---|---|---|---|---|
| 220210 | Курамында кант же башка таттуу даам бергичи бар суулар, анын ичинде минералдык жана газдалган суулар | 80,8 | Түркия | 52 % |
| | | | Нидерланд | 9 % |
| | | | Япония | 7 % |
| 220299 | Алкоголсуз суусундуктар (суудан, мөмө-жемиш жана жашылча ширелеринен, сүттөн жана сырадан башка) | 68,9 | Швейцария | 17 % |
| | | | Дания | 14 % |
| | | | Бельгия | 11 % |
| 220110 | Минералдык жана газдалган суусундуктар | 52,2 | Франция | 43 % |
| | | | Италия | 31 % |
| | | | Норвегия | 9 % |
| 220190 | Башка суулар, анын ичинде табигый минералдык же жасалма минералдык газдалган ... кошулмасы жок суулар | 7,4 | Түркия | 48 % |
| | | | Норвегия | 37 % |
| | | | Улуу Британия | 4 % |

*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

Экспорттоочулар рыноктун өсүү темптерин жана өзгөчөлүктөрүн изилдеши керек. 2018-2022-жылдар аралыгында бөтөлкөгө куюштурулган сууну импорттоонун өсүү көрсөткүчтөрү эки товардык субпозицияда тең 5%ды жана 2022-жылы 15%ды түздү.

***Кыргызстандын экспорттук дарамети***

Акыркы 5 жылда шире экспорту жыл сайын орточо 25%, бөтөлкөгө куюштурулган суу 17% өсүүдө. Кыргызстан БАЭге мезгил-мезгили менен негизинен бөтөлкөгө куюштурулган сууну экспорттойт, бирок максималдуу көлөм 2021-жылы болгону 36 тоннаны түзгөн.


Эгерде инфляциялык басым улана берсе, жергиликтүү керектөөчүлөрдүн брендге болгон лоялдуулугу жоголуп, үнөмдүү варианттарды тандай баштаашы мүмкүн. Жеке соода маркаларынын үлүшүнүн жана алдынкы оюнчулардын кызыктырган акцияларынын көбөйүшү күтүлүүдө. Экспорттоочуларга жергиликтүү компаниялардын атаандаштыгын эске алуу менен БАЭнин алкоголсуз суусундуктар рыногуна кеңири талдоо жүргүзүү сунушталат.

[55] Эскертүү. Мында КРде өндүрүлгөн мөмө-жемиш жана жашылча ширелери каралат.

## КИЙИМ РЫНОГУН ТАЛДОО

Кийим жана бут кийим рыногу 2022-жылы 55,98 млрд дирхамды (15,24 млрд АКШ долл.) жана 313 млн бирдикти түзүп, пандемияга чейинки деңгээлге али жете элек. Өткөн жылга салыштырмалуу 2022-жылы өсүү 10,7%ды түздү, ал эми 2023-2027-жылдары жылдык орточо өсүш болжол менен 6,7% болот. Дүйнөлүк фэшн индустрия компанияларынын жетекчилерин сурамжылоого ылайык, глобалдуу инфляциялык басымга карабастан, Жакынкы Чыгыш базарлары кийим жана бут кийим жаатындагы сатуу көрсөткүчтөрүн сактап калышат жана көбөйтүүлөрү да мүмкүн[56].


**40-сүрөт.БАЭдеги сатып алуучулардын модага жумшаган чыгымдары**




*Булак: The Business of Fashion*

БАЭдеги бай сатып алуучулар[57] 55% жыл сайын мода индустриясынын буюмдарына 12 000 АКШ долларына чейин же андан көп каражат коротушат, бул көрүнүш аталган рынокту көптөгөн эл аралык бренддер үчүн жагымдуу кылат. БАЭ мода индустриясы рыногу эл аралык бренддер үчүн жагымдуу эки негизги рыноктун бири болуп саналат[58].

**41-сүрөт. Аялдар, эркектер жана балдар кийимдеринин динамикасы жана болжолу**




*Булак: © Euromonitor International*

Өкмөттүн демилгелеринин, туризмдин өсүшүнүн жана жаңы резиденттерди тартуунун аркасында 2022-жылы кийим жана бут кийим сатыгы калыбына өтө жакшы келди. Өлкө дүйнөнүн бардык бурчунан байларды жана миллионерлерди өзүнө тартып, алардын коопсуздугун кепилдеп, кызматтардын кеңири түрүн сунуштоодо. Мода чөйрөсүндө да өсүш

[56] «The State of Fashion 2023. Holding onto growth as global clouds gather», *The Business of Fashion* and *McKinsey*, 2022.

[57] Эскертүү. Бир үй-бүлөнүн жылдык кирешеси 75 000 доллардан ашык


[58] «How Middle East Consumers Shop Fashion, Explained», The Business of Fashion, 2023.

байкалды. Керектөөчүлөр өздөрүнө инвестиция салып, конференция, той сыяктуу иш-чараларга активдүү катышышты. Катарда өткөн дүйнөлүк футбол чемпионаты да өсүшкө салым кошту. Бизнес ийкемдүү болуп, ар кандай муундардын, анын ичинде Z муунунун муктаждыктарын да канааттандырды.

### Аялдар кийиминин рыногу

БАЭнин аялдар кийиминин рыногунда чекене сатуу 2022-жылы 10,8%га өсүп, 14,75 млрд дирхамга (4,02 млрд АКШ долл.) жетти. Сатуу болжолу боюнча, 2027-жылы жылдык орточо өсүш 6,6%га же 19,59 млрд дирхамга (5,34 млрд АКШ долл.) жетери күтүлүүдө[59]. Тыш кийимдер сатуу түзүмүнүн 84%ын ээлейт.

**42-сүрөт. БАЭде аялдар кийимин сатуунун түзүмү, млн дирхам**




*Булак: © Euromonitor International*

Эмираттардын маданияты бай жана ар түрдүү болуп, бул маданий ар түрдүүлүк аймактагы мода бренддеринен да көрүнөт. Мисалы, аймактык жана жергиликтүү мода бренддери абайя, шейла, жалабия жана кафтандарды, ошондой эле салттуу көйнөктөрдү камтый башташты. Бренддерге *Hanayan, Kashka, Habayeb, Senso* жана *Mauzan* кирет. Булар рынокто көптөн бери болуп, аймакта өздөрүн абдан жакшы жагынан көрсөтө алышты, бирок эл аралык бренддер да колдон чыгарганына жетүүгө умтула баштады.

Пандемиядан кийин керектөөчүлөр кийим жана бут кийим сатып алууда этият болуп калышты. Алар коомдук иш-чаралар, жумуш, улуттук маданиятын чагылдыруу же спорт үчүн болобу, адамдын жеке өзгөчөлүгүн жана жашоо образын чагылдырган кийимдерди тандай баштады. Ыңгайлуу кеңсе кийимдери, кенен үстүнкү көйнөктөр жана блузкалар жана экологиялык жактан таза кездемелер (мисалы, пахтадан жасалган үстүнкү кийимдер) дагы жактырылып, бренддер керектөөчүлөрдүн жаңы муктаждыктарына жана каалоолоруна ылайыкташа баштады.

Рынокто мода индустриясындагы көптөгөн эл аралык бренддердин сатуучулары болгон ири чекене холдингдер үстөмдүк кылат.

**20-таблица. Аялдар кийими рыногундагы лидерлер**

| Компаниялар | Рыноктогу үлүшү, % |
|---|---|
| **Landmark Group** | 15,0% |
| **Azadea Group** | 5,0% |
| **Kamal Osman Jamjoom Group LLC** | 3,0% |
| **M H Alshaya Co** | 2,6% |

[59] Euromonitor International 2023.

| | |
|---|---|
| **Apparel Group** | 2,6% |
| **RSH (Middle East) LLC** | 2,6% |
| **Al Futtaim Group** | 2,0% |
| **Башка компаниялар** | 67,3% |


*Булак: © Euromonitor International*

Көп түрдүүлүк, инклюзивдүүлүк жана аялдарды колдоо экономикалык өнүгүүнүн маанилүү аспектилери болуп саналат. Бул баалуулуктарды жана маданий ар түрдүүлүктү баса белгилеген бренддер жергиликтүү тургундарга жана туристтерге жагат. Бириккен Араб Эмираттары буга чейин эле ушул жагынан алдыда экендиги белгилүү жана бул тенденция мындан ары да улана берет.

## Эркектер кийиминин рыногу

БАЭнин эркектер кийиминин рыногунда чекене сатуу 2022-жылы 11,7%га өсүп, 22,74 млрд дирхамга (6,19 млрд АКШ долл.) жетти. Сатуу болжолу боюнча, 2027-жылы жылдык орточо өсүш 7,3% же 31,02 дирхамга (8,45 млрд АКШ долл.) жетери болжолдонууда. Сатуу түзүмүндө тыш кийимдер 85%ды ээлейт.

**43-сүрөт. БАЭде эркектер кийимдерин сатуу түзүмү, млн дирхам**




*Булак: © Euromonitor International*

2022-жылы COVID-19 пандемиясынан кийин толук ачылган соң, Бириккен Араб Эмираттарынин экономикасы өтө көтөрүлдү. Бул ишкерликке байланышкан иш-чаралардын, конференциялардын, көргөзмөлөрдүн, ошондой эле концерт, үйлөнүү үлпөтү жана туулган күн сыяктуу коомдук иш-чаралардын көбөйүшүнө түрткү берди. Салттуу структураланган костюм заманбап гардеробдордон али да болсо орун алып келет, маселен, Жакынкы Чыгышта кара костюмдар күндөлүк турмушта популярдуулугун жоготкон жок. Жергиликтүү салттуу эмират кийими менен азиялык кийимдер жергиликтүү маданияттын байлыгынан жана өлкө калкынын ар түрдүүлүгүнөн улам батыш кийимдеринин жанында популярдуу болуп келген.

Эркектер кийиминин рыногу аялдар кийиминин рыногуна караганда сейрегирээк, Landmark Group рыноктун 7%дан ашуунун ээлейт.

**21-таблица. Эркектер кийиминин рыногундагы лидерлер**

| Компаниялар | Рыноктогу үлүшү, % |
|---|---|
| **Landmark Group** | 7,1% |
| **Azadea Group** | 1,8% |
| **Chalhoub Group** | 1,7% |
| **Al Tayer Group** | 1,7% |

| | |
|---|---|
| **Apparel Group** | 1,5% |
| **Hugo Boss AG** | 1,2% |
| **Башка компаниялар** | 84,6% |

*Булак: © Euromonitor International*

Сергек жашоо образынын өсүшү менен ыңгайлуу кийимдерге суроо-талап өсүүдө. Ыңгайлуу кийим эркин кыймылдап, эркин жүрүүгө мүмкүндүк бергендиктен, эркектер арасында ушундай кийимдерге артыкчылык берүү уланууда. Adidas, Nike жана Under Armour сыяктуу спорттук кийим бренддери бул тенденцияны үй, спорт жана жумуш үчүн модалуу, ыңгайлуу варианттарды сунуштоо менен ийгиликтүү пайдаланып жатышат. Катаал дресс-коддорго караганда, кыймылдын эркиндигине жана ыңгайлуулукка көбүрөөк көңүл бурулууда, өзгөчө рамий иш-чаралардан тышкаркы учурларда.

**22-таблица. 2022-жылдагы БАЭнин кийим импорту (61 жана 62-товардык топтор)[60]**

| ТЭИ ТН коду | Товардык позиция | Импорттун көлөмү, млн АКШ долл | Жеткирип берүүчү ТОП-3 өлкө | Импорттогу үлүшү |
|---|---|---|---|---|
| **6104** | Костюмдар, комплектилер, жакеттер, блайзерлер, көйнөктөр, юбкалар, юбка-шымдар, шымдар, боору бар комбинезондор... | 686,1 | Кытай | 82 % |
| | | | Түркия | 2 % |
| | | | Италия | 2 % |
| **6204** | Костюмдар, комплектилер, жакеттер, блайзерлер, көйнөктөр, юбкалар, юбка-шымдар, шымдар, боору бар комбинезондор... | 634,9 | Кытай | 51 % |
| | | | Испания | 10 % |
| | | | Италия | 10 % |
| **6109** | Майкалар, жеңи бар фуфайкалар жана машинага же колго токулган трикотаж фуфайкалар | 495,5 | Египет | 36 % |
| | | | Кытай | 24 % |
| | | | Италия | 7 % |
| **6110** | Свитерлер, пуловерлер, кардигандар, жилеттер жана машинага же колго токулган трикотаж кийимдер ... | 400,9 | Кытай | 61 % |
| | | | Италия | 8 % |
| | | | Испания | 6 % |
| **6203** | Костюмдар, комплектилер, пиджактар, блайзерлер, шымдар, боору жана лямкасы бар комбинезондор, бриджилер . . . | 301,8 | Кытай | 46 % |
| | | | Италия | 10 % |
| | | | Сингапур | 7 % |
| **6103** | Костюмдар, комплектилер, пиджактар, блайзерлер, шымдар, боору жана лямкасы бар комбинезондор, бриджилер . . . | 268,5 | Кытай | 77 % |
| | | | Италия | 4 % |
| | | | Камбоджа | 3 % |
| **6108** | Комбинациялар, ички юбкалар, трусылар, панталондор, уктоочу көйнөктөр, пижамалар, пеньюарлар, жуунуучу халаттар ... | 233,6 | Кытай | 81 % |
| | | | Малайзия | 4 % |
| | | | АКШ | 4 % |
| **6211** | Спорт, лыжа жана сууга түшүүчү костюмдар, кийимге тийиштүү башка нерселер | 202,1 | Кытай | 55 % |
| | | | Сингапур | 12 % |
| | | | Франция | 12 % |
| **6212** | Бюстгальтерлер, курлар, корсеттер, курсак тарткычтар, байлагычтар жана ушуга окшогон нерселер, алардын трикотаж бөлүктөрү . . . | 113,3 | Кытай | 61 % |
| | | | Малайзия | 10 % |
| | | | АКШ | 10 % |
| **6115** | Колготкилер, чулкилер, гольфалар, байпактар, подследниктер жана башка чулки-байпактар, анын ичинде компрессиондугу да бар ... | 112 | Кытай | 80 % |
| | | | Түркия | 6 % |
| | | | Германия | 2 % |
| **6214** | Шаль, шарф, кашне, мантильи, вуаль жана ушул сыяктуу буюмдар | 111,9 | Кытай | 82 % |
| | | | Франция | 7 % |
| | | | Түркия | 3 % |

*Булак: TradeMap (Эл аралык соода борбору)*

[60] Эскертүү. Мындагы талдоо ТЭИ ТН кодунун 4 белгидеги деңгээлинде жүргүзүлөт.

БАЭге кийим импортунун 50%дан ашыгы Кытайдан келет. Кийим импортунун өсүү темпи ар түрдүү, маселен, трикотаж кийимдеринин импорту 11%га өссө, ал эми трикотаж эмес тигилген кийимдердин импорту 1%га кыскарган.

*Кыргызстандын экспорттук дарамети*

Акыркы 5 жылда тигүү секторунун экспорту жыл сайын орточо эсеп менен 57% өссө, трикотаж кийимдеринин экспорту 7% кыскарды. Кыргызстан БАЭге экспорт кылбайт (сейрек жеткирүүлөр).

БАЭнин кийим рыногунда эл аралык, аймактык же жергиликтүү бренддер үстөмдүк кылгандыктан, КР экспорттоочулары ири оюнчулар үчүн өндүрүүгө активдүү даярдык көрүшү керек. Бул үчүн сорсинг[61] стратегияларын, алдынкы эл аралык компаниялардын же жергиликтүү бренддердин стратегияларын изилдеп, андан соң өз кызматтарын сунуштоолору керек.

## 4-БӨЛҮМ: ИШКЕРЛИК КЫЗМАТТАШТЫК ЛАНДШАФТЫНЫН СЕРЕБИ

БАЭ динамикалуу өнүгүп жаткан рынок экономикасы жана анда сатуунун көптөгөн варианттары бар. Сатуунун эң кеңири таралган ыкмасы - бул жалпы өлкө боюнча же белгилүү бир эмиратта дистрибьюторду же жергиликтүү коммерциялык агентти дайындоо. Экспорттоочулар көп учурда белгилүү бир аймакта продуктуларын жана кызматтарын сатуу жана маркетинг иштерин, анын ичинде сатуу каналдарын табуу, маркетинг, сатуу, продуктуну каттоо, жеткирүү, запастарын толуктоо, мерчандайзинг, дүкөндөгү жарнамалык акциялар ж.б. иштерди коммерциялык агенттерге ишенип тапшырышат.

Айрым чет өлкөлүк компаниялар жергиликтүү сатуу агенттери менен иштешип жатканда, продукцияны каттоону көзөмөлдөө үчүн, эркин аймактардын биринде кеңсе ачууну каалашат.

БАЭде чекене соода тармагындагы супермаркеттер сатуу рыногунун эң чоң үлүшүнө ээ. Бул категориядагы негизги топторго *Carrefour, EMKE (Lulu) Group, Nesto Group, Spinneys* жана жергиликтүү кооперативдик дүкөндөр ж.б. кирет

Башка салыштырмалуу кичине супермаркет түйүндөрүнө жана топтук дүкөндөргө *Al Maya, Centrepoint Stores, Choithram Supermarkets, Safeer жана West Zone* супермаркеттери кирет.

БАЭдеги чекене сатуудан кийин дүңүнөн сатуу, соода борборлорунун дүкөндөрүндөгү, супермаркеттердеги жана С классындагы азык-түлүк дүкөндөрүндөгү, акырында бутиктердеги сатуулар турат.

БАЭ – аймактагы электрондук соода рыногунун эң алдыңкыларынын бири. Акыркы убакта бул тармакта суроо-талаптын өтө өсүп жатканы байкалып, өлкөдөгү бардык ири чекене сатуучулар атаандаштыкка туруштук берүү үчүн онлайн сатуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө туура келет деп болжолдонууда.

Эркин соода аймактары БАЭ рыногуна кирүүнүн жана анда ишкерлик жүргүзүүнүн дагы бир варианты болуп саналат. Эркин экономикалык аймак БАЭнин жети эмиратынын бириндеги “офшордук” экономикалык аймак болуп саналат, алар БАЭнин кургактагы аймагын жөнгө салуучу эрежелерден жалпы жонунан айырмаланган эрежелер жана чен-өлчөмдөр менен жөнгө салынат. Жергиликтүү татаал эрежелерди жана укуктук системаны түшүнүү үчүн, тажрыйбалуу юрист-кеңешчиден кеңеш алуу сунушталат.

[61] Сорсинг стратегиясы (жеткирип берүүчүлөрдү (поставщиктерди) табуу) – бул компаниянын сатып алуу чыгымдарын анын жалпы максаттары менен шайкеш келтирүүгө багытталган иш-чаралардын жыйындысы.

## КЫЗМАТТАШУУНУН ӨКМӨТ АРАЛЫК ПЛАТФОРМАЛАРЫ

Эки өлкө ортосунда экономикалык кызматташтыкты өнүктүрүүгө багытталган негизги келишимдерге, анын ичинде инвестицияларды коргоо, кош салык салуудан качуу, аба каттамдары жана экономикалык кызматташтык боюнча макулдашууларга кол коюлду.

Акыркы жылдары эки тараптуу экономикалык кызматташтык активдешти, бул интенсивдүү өз ара сапарларда, бизнес-форумдарды жана ишкер жолугушууларды өткөрүүдө байкалат. 2022-жылы Экономикалык кызматташтык боюнча биргелешкен өкмөттөр аралык кыргыз-эмираттык комиссиясынын 2-пленардык жыйынынын алкагында Кыргыз Республикасында уставдык фонду 100 млн АКШ долларын түзгөн Биргелешкен холдинг компаниясын түзүү жөнүндө макулдашууга кол коюлган.

Эки өлкөнүн ишкер коомчулугу ишкер байланыштарын түзүүдө. 2023-жылдын июнь айында «Wizz Air Abu Dhabi» авиакомпаниясынын Абу-Даби - Бишкек - Абу-Даби багыты боюнча каттамдары ачылды, бул дагы өз ара соода-экономикалык кызматташтыкка өбөлгө түзөт.

## НЕГИЗГИ СООДА КӨРГӨЗМӨЛӨРҮНҮН ЖАНА B2B[62] АЯНТЧАЛАРЫНЫН ТИЗМЕСИ

БАЭ - бул дүйнөлүк деңгээлдеги соода көргөзмөлөрүн жана конференцияларын өткөрүүчү аймактык соода хабы, анда БАЭ, Жакынкы Чыгыш, Африка, Түштүк Азия жана бүткүл дүйнө жүзү боюнча сатып алуучулар менен жолугушуп, таанышууга болот.

**23-таблица. БАЭдеги көргөзмөлөрдүн тизмеси**

| Аталышы | Тематикасы | Өткөрүлгөн күнү жана жери |
|---|---|---|
| «Gulfood Manufacturing» эл аралык көргөзмөсү | Тамак-аш технологиялары | 07-09-ноябрь 2023 (Дубай) |
| «Yummex Middle East» аймактык көргөзмөсү | Таттуулар жана снектер | 07-09-ноябрь 2023 (Дубай) |
| Тамак-аш өнүмдөрүнүн «Speciality Food Festival» эл аралык фестивалы | Тамак-аш өнүмдөрү жана суусундуктар | 07-09-ноябрь 2023 (Дубай) |
| Мал чарба жана эт өндүрүү технологияларынын «Trade Fair For Innovative Animal Production And Frocessing» (VIV MEA) эл аралык көргөзмөсү | Тамак-аш өнүмдөрү жана суусундуктар, айыл чарбасы | 20-22-ноябрь 2023 (Абу-Даби) |
| «Gulfood» эл аралык көргөзмөсү | Тамак-аш өнүмдөрү жана суусундуктар, тамак-аш технологиялары | 19-23-февраль 2024 (Дубай) |
| «International Apparel & Textile Fair» эл аралык көргөзмөсү | Текстиль, кийим | 27-29-ноябрь 2023 (Дубай) |
| Arabian Travel Market (ATM) эл аралык көргөзмөсү | Туризм | 06-09-май 2024 (Дубай) |

*Өнүмдөрдүн үлгүлөрүн киргизүүгө коюлган талаптар*

Жарнамалык иш-чаралар үчүн импорттолгон тамак-аш үлгүлөрүнө өзгөчө талаптар коюлбайт. Адатта, эреже катары, үлгүлөрдүн маркерлөөсүнө жана жарактуулук мөөнөтүнө жергиликтүү талаптар коюлбайт, бирок ден соолукка коопсуздугу боюнча сертификат талап кылынышы мүмкүн. Продукциянын үлгүлөрү “үлгү” деп так белгилениши керек. Кирүү

[62] b2b – business-to-business. Бул компаниялар ортосундагы соода-сатык.

портунда бул товарлардын максаттуу колдонулушун тастыктаган кол коюлган милдеттемеси болушу шарт, ошондо алар коммерциялык сатууга чыгарылбайт. Продукция үлгүлөрүнүн саны Тамак-аш өнүмдөрүнын категориясына жараша чектелген.

Климат министрлигинин 2016-жылдагы № 14 “Коммерциялык эмес максаттар үчүн импорттолуучу Тамак-аш өнүмдөрүн көзөмөлдөө” токтому жарнамалык иш-чаралар жана башка максаттар үчүн продукциянын үлгүлөрүн ташып келүүнү, анын ичинде санын чектөөнү жөнгө салат. Бул маалымат БАЭдеги көргөзмөлөрдүн катышуучулары үчүн маанилүү.

Кошумча маалымат алуу үчүн, төмөнкү шилтемеге өтсөңүз болот:

https://www.moccae.gov.ae/assets/download/e59b6fd4/M14-16.pdf.aspx?view=true

Экспорттоочулар продукциясын жөнөтөрдөн мурда бул чектөөлөрдү жана башка талаптарды БАЭ муниципалитеттеринен тактап алуулары керек. КР экспорттоочулары дагы үлгүлөргө коюлган бардык талаптарды тастыктоо үчүн, көргөзмөнүн уюштуруучулары менен тыкыр иштешүүлөрү керек.

## МАМЛЕКЕТТИК УЮМДАРДЫН ЖАНА БИЗНЕС-АССОЦИАЦИЯЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

Экспорттоочулар үчүн экспорттук иш-чараларды пландаштыруунун жана ишке ашыруунун ар кандай этаптарында пайдалуу боло турган мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын ролун эске алуусу маанилүү. Алардын арасында тышкы сооданы жөнгө салуучу органдар жана эл аралык соода-экономикалык мамилелерди өнүктүрүү боюнча иштеген уюмдар бар.

**24-таблица. БАЭнин мамлекеттик жана башка уюмдарынын байланыш маалыматтары**

| Уюмдун аталышы | Веб-сайты |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын Бириккен Араб Эмираттарындагы элчилиги, Абу-Даби ш. | https://mfa.gov.kg/ru/dm/abu-dabi-ru |
| Кыргыз Республикасынын Бириккен Араб Эмираттарындагы башкы консулдугу, Дубай ш. | https://mfa.gov.kg/ru/dm/generalnoe-konsulstvo-kyrgyzskoy-respubliki-v-obedinennyh-arabskih-emiratah-v-g-dubay |
| БАЭ Өкмөтүнүн порталы | https://u.ae |
| БАЭ Климаттын өзгөрүүсү жана экология министрлиги | https://www.moccae.gov.ae |
| БАЭ Өнөр жай жана алдыңкы технологиялар министрлиги | https://moiat.gov.ae |
| БАЭ Экономика министрлиги | https://www.moec.gov.ae |
| Федералдык бажы башкармалыгы | https://fca.gov.ae<br>https://uaecustoms.ae/Home.aspx?ReturnUrl=%2f |
| Федералдык салык башкармалыгы | https://tax.gov.ae |
| Перс булуңундагы Араб мамлекеттеринин кызматташтык кеңешин стандартташтыруу уюму | https://www.gso.org.sa |
| Дубай Өкмөтү | https://www.dm.gov.ae |
| Абу-Даби Өкмөтү | https://www.dmt.gov.ae |
| Шарджа Өкмөтү | https://portal.shjmun.gov.ae |
| Аджман Өкмөтү | https://www.am.gov.ae |
| Рас-эль-Хайма Өкмөтү | https://www.rak.ae |
| Фуджейра Өкмөтү | https://www.fujmun.gov.ae |

| | |
|---|---|
| Умм-аль-Кувейн Өкмөтү | http://md.uaq.ae |
| Тамак-аш өнүмдөрүн сатуу үчүн федералдык смарт портал | https://zad.gov.ae |
| Дубайдын соода палатасы | https://www.dubaichamber.com |
| Абу-Дабинин соода палатасы | http://www.abudhabichamber.ae |
| Шарджанын соода палатасы | www.sharjah.gov.ae |
| Аджмандын соода палатасы | https://www.ajmanchamber.ae |
| Рас-эль-Хайманын соода палатасы | https://rakchamber.ae |
| Фуджейранын соода палатасы | https://www.onlinechamber.ae |
| Умм-аль-Кувейндин соода палатасы | www.uaqchamber.ae |